e-ISSN 1694-8823



ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

# ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY

# PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

№2 (4) (2024)

**№2(4) - 2024**

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология

*Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science*

**e-ISSN:** 1694-8823

## ЖУРНАЛ ЖӨНҮНДӨ [kg]

“Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология” илимий журналы университеттин илимий журналдарынын импакт-факторун жогорулатуу жана келечекте эл аралык илимий базаларга киргизүү саясатын ишке ашыруу максатында ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин (2022-жылдын 22-декабрындагы № 7-протоколу) негизинде ачылган.

“Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология” илимий журналы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн. Каттоо номуру 10299, 17-июнь 2022-жыл.

Журнал үч тилде - **кыргыз**, **орус** жана **англис** тилдеринде макалаларды жарыялайт. Материалдар **акысыз** негизде кабыл алынат. Журнал макалаларды жөнөтүү, аларды кароо жана жарыялоо үчүн акы албайт. Автордук сый акы төлөнбөйт.

Журнал **жылына 2 жолу** чыгат (кошумча атайын чыгарылыштар болушу мүмкүн).

“Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология” журналы өзүнүн расмий сайтына ачык кирүү мүмкүнчүлүгүн берет. Бул дүйнөлүк илимий коомчулукка журналга кеңири маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Журнал BOAI Будапешт демилгесинде иштелип чыккан ачык жеткиликтүүлүк саясатын карманат жана өзүнүн контентине ачык кирүү мүмкүнчүлүгүн берип, дүйнөлүк деңгээлде билим алмашууга жана изилдөө натыйжаларын жайылтууга жардам берет. Журнал жарыяланган материалдардын максималдуу жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу саясатын жүргүзөт. Журналдын баардык контенти интернетте окуу, жүктөп алуу, көчүрүү, жайылтуу, басып чыгаруу үчүн ачык. Ар бир колдонуучу сайт ичинде издөө жасап, макалалардын толук текстине шилтеме жасай алат же аларды, эч кандай каржылык, юридикалык же техникалык тоскоолдуктар болбосо, башка мыйзамдуу максаттарда колдоно алат.

Окурмандар жана авторлор журналдын веб-сайтынан журналдын учурдагы санынын электрондук версиясын жана мурунку басылмалардын архивдерин эркин көрүп жана жүктөп ала алышат. Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0) лицензиясынын шарттарына ылайык, журналдын баардык басылмалары электрондук түрдө бекер жана чектөөсүз таратылат.

“Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология” журналындагы макалалардын авторлору эмгектери менен бирге журналга басып чыгаруу укугун өткөрүп беришет, аны Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0) лицензиясы менен лицензиялаган болушат. Жарыяланган эмгектин автордук укук ээси болуп басып чыгаруучу Ош мамлекеттик университети эсептелет.

Журналдын материалдарынын электрондук версиялары https://journal.oshsu.kg/index.php/filos-sos-pol/index сайтында коомдук доменде жайгаштырылган.

CrossRef менен Ош мамлекеттик университетинин ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык журналга 10.52754 номурлуу DOI префикси ыйгарылган. Ушул келишимдин негизинде “Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология” журналына чыккан ар бир макалага DOI номуру берилет.

**Негиздөөчүсү**

Ош мамлекеттик университети

**e-ISSN** 1694-8823 (электрондук версиясы)

**Префикс DOI**: 10.52754

## О ЖУРНАЛЕ [ru]

Научный журнал “Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология” был основан на основании решения Ученого совета ОшГУ (протокол № 7 от 22 декабря 2022 года) в целях повышения импакт-фактора научных журналов университета и, в дальнейшем, реализации политики включения в международные научные базы данных.

17 июня 2022 года “Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология” прошел регистрацию в Министерстве юстиции Кыргызской Республики под №10299.

Журнал публикует статьи на трех языках - **кыргызском**, **русском** и **английском**, принимает материалы к публикации на **безвозмездной** основе. Журнал не взимает плату за подачу статей, их рецензирование и их публикацию. Авторские гонорары не выплачиваются.

Периодичность издания: **2 выпуска в год** (возможны дополнительные специальные выпуски).

Журнал “Вестник ОшГУ. Философия. Социология. Политология” предоставляет открытый доступ к своему контенту на официальном сайте журнала. Это обеспечивает более широкий информационный доступ к журналу в масштабах мирового научного сообщества.

Журнал придерживается политики открытого доступа, сформулированного в Будапештской инициативе BOAI, и предоставляет открытый доступ к своему контенту, способствуя увеличению глобального обмена знаниями и результатами исследований. Журнал проводит политику обеспечения максимальной доступности опубликованных материалов. Весь контент журнала открыт в сети Интернет для чтения, скачивания, копирования, распространения, печати. Любые пользователи могут осуществлять поиск или ссылаться на полные тексты статей, использовать их в других законных целях при отсутствии каких-либо финансовых, юридических или технических преград.

Читатели и авторы могут свободно просматривать и скачивать электронные версии текущего номера журнала и архивы за предыдущие периоды на сайте журнала. Все публикации журнала в электронном виде распространяются бесплатно и без ограничений на условиях лицензии Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0).

Авторы статей журнала “Вестник ОшГУ. Философия. Социология. Политология” передают журналу право публикации вместе с работой, единовременно лицензируя ее по лицензии Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0). Правообладателем опубликованной работы является издатель – Ошский государственный университет.

Электронные версии материалов “Вестник ОшГУ. Философия. Социология. Политология” размещаются на сайте https://journal.oshsu.kg/index.php/filos-sos-pol/index в открытом доступе.

По договору между CrossRef и Ошским государственным университетом журналу присвоен префикс DOI 10.52754. На основании этого договора каждой статье, опубликованной в журнале “Вестник ОшГУ. Философия. Социология. Политология” присваивается номер DOI.

**Учредитель**
Ошский государственный университет
**e-ISSN** 1694-8823 (электронная версия)
**Префикс DOI**: 10.52754

## ABOUT THE JOURNAL [en]

The scientific journal “Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science” was founded on the basis of the 7th Protocol of the Academic Council of Osh State University dated December 22, 2022 in order to increase the impact factor of scientific journals of the university and further implement the policy of inclusion in international scientific databases.

In June 17, 2022 the journal “Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science” was registered with the Ministry of Justice of the Kyrgyz Republic under No. 10299.

The journal publishes articles in three languages – **Kyrgyz**, **Russian** and **English**, accepts materials for publication **free of charge**. The journal does not charge for the submission of articles, their review and publication. Author's royalties are not paid.

Publication frequency: **2 issues per year** (additional special issues are possible).

The "Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science" provides open access to its content on the official website of the journal. This provides greater information access to the journal throughout the global scientific community.

"Open access" means its free availability on the public internet, permitting any users to read, download, copy, distribute, print, search, or link to the full texts of these articles, crawl them for indexing, pass them as data to software, or use them for any other lawful purpose, without financial, legal, or technical barriers other than those inseparable from gaining access to the internet itself." (by Budapest Open Access Initiative).

Readers and authors can freely view and download the electronic versions of the current issue of the journal and archives for previous periods on the journal's website. All publications of the journal in electronic form are distributed free of charge and without restrictions under the terms of the Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0).

The authors of the "Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science" transfer publishing rights to the publisher, licensing it under Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0). The copyright holder of the published work is the publisher – Osh State University.

Electronic versions of the journal materials are placed on the website https://journal.oshsu.kg/index.php/filos-sos-pol/index in the public domain.

Under an agreement between CrossRef and Osh State University, the journal was assigned the prefix DOI 10.52754. On the basis of this agreement, each article published in the "Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science" is assigned a DOI number.

**Founder**
Osh State University
**e-ISSN** 1694-8823 (electronic version)
**DOI prefix**: 10.52754

## РЕДАКЦИЯ [kg]

***Башкы редактор***

Исаков Кубанычбек – философия илимдеринин доктору, профессор, философия жана политология кафедрасынын башчысы, Ош мамлекеттик университети (Кыргызстан, Ош), isakov-oshgui@mail.ru

***Башкы редактордун орун басары***

Курбанбаев Кылыч – философия илимдеринин доктору, философия жана политология кафедрасынын профессору, Ош мамлекеттик университети (Кыргызстан, Ош), aruuke7171@gmail.ru

**Редакциялык коллегиянын мүчөлөрү**

Акаев А.А. – саясий илимдеринин кандидаты, философия жана политология кафедрасынын доценти, Ош мамлекеттик университети (Кыргызстан, Ош), askarakaev71@mail.ru

Акматов Ө.С. – философия илимдеринин кандидаты, философия жана политология кафедрасынын доценти, Ош мамлекеттик университети (Кыргызстан, Ош), sarytaiovich64@gmail.ru

Акунов А.А. - саясий илимдеринин доктору, профессор (Кыргызстан), aakunov@gmail.com

Бекбоев А.А. - философия илимдеринин доктору, профессор (Кыргызстан), baa140156@mail.ru

Габдулина К.Г. – социология илимдеринин доктору, профессор (Казахстан), astanauniver@mail.ru

Жоробеков Ж.Ж. - саясий илимдеринин доктору, профессор (Кыргызстан), saytiev@ahoo.com

Касабеков С.А. – философия илимдеринин доктору, профессор, Д.А.Кунаев атындагы Евразия юридикалык академиясы (Казахстан), s_kasabekov@mail.ru

Мендибаев Н. – социология илимдеринин доктору, профессор (Кыргызстан), nyrabek@rambler.ru

Мукасов С.М. - философия илимдеринин доктору, профессор, Академик Национальной академии наук Кыргызской Республики, mykasov1@mail.ru

Мурзакматов А.К. – философия илимдеринин кандидаты, ОшМУнун философия жана политология кафедрасынын доценти (Кыргызстан), suzak70@mail.ru

Панов А.И. – саясий илимдеринин доктору, профессор (Россия), evrazia@mirbis.ru

Реимов Р.М. – философия илимдеринин кандидаты, доцент, Бердах атындагы Каракалпак мамлекеттик университети (Өзбекстан), rustem.reimov66@gmail.com

Шарипова Э.К. – философия илимдеринин доктору, ОшМУнун профессору (Кыргызстан), e.sharipova_kg@mail.ru

## РЕДАКЦИЯ [ru]

***Главный редактор***

Исаков Кубанычбек – доктор философских наук, профессор, заведующий кафедрой философии и политологии, Ошский государственный университет (Кыргызстан, Ош), isakov-oshgui@mail.ru

***Заместитель главного редактора***

Курбанбаев Кылыч – доктор философских наук, профессор кафедры философии и политологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), aruuke7171@gmail.ru

**Члены редакционной коллегии**

Акаев А.А. – кандидат политологических наук, доцент кафедры философии и политологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), askarakaev71@mail.ru

Акматов Ө.С. – кандидат философских наук, доцент кафедры философии и политологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), sarytaiovich64@gmail.ru

Акунов А.А. - доктор политологических наук, профессор (Кыргызстан), aakunov@gmail.com

Бекбоев А.А. - доктор философских наук, профессор (Кыргызстан), baa140156@mail.ru

Габдулина К.Г. – доктор социологических наук, профессор (Казахстан), astanauniver@mail.ru

Жоробеков Ж.Ж. - доктор политологических наук, профессор (Кыргызстан), saytiev@ahoo.com

Касабеков С.А. – доктор философских наук, профессор, Евразийская юридическая академия имени Д.А.Кунаева (Казахстан), s_kasabekov@mail.ru

Мендибаев Н. – доктор социологических наук, профессор (Кыргызстан), nyrabek@rambler.ru

Мукасов С.М. - доктор философских наук, профессор, Академик Национальной академии наук Кыргызской Республики, mykasov1@mail.ru

Мурзакматов А.К. – кандидат философских наук, доцент кафедры философии и политологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), suzak70@mail.ru

Панов А.И. – доктор политологических наук, профессор (Россия), evrazia@mirbis.ru

Реймов Р.М. – кандидат философских наук, доцент, Каракалпакский государственный университет имени Бердаха (Узбекистан), rustem.reimov66@gmail.com

Шарипова Э.К. – доктор философских наук, профессор ОшГУ (Кыргызстан), e.sharipova_kg@mail.ru

## EDITORIAL TEAM [en]

***Editor-in-chief***

Kubanychbek Isakov – Doctor of Philosophy, Professor, Head of the Department of Philosophy and Political Science, Osh State University (Kyrgyzstan, Osh), isakov-oshgui@mail.ru

***Deputy Editor-in-chief***

Kylych Kurbanbaev – Doctor of Philosophy, Professor of the Department of Philosophy and Political Science at Osh State University (Kyrgyzstan), aruuke7171@gmail.ru

**Members of the editorial board**

Akaev A.A. – Candidate of Political Sciences, Associate Professor of the Department of Philosophy and Political Science at Osh State University (Kyrgyzstan), askarakaev71@mail.ru

Akmatov O.S. – Candidate of Philosophy, Associate Professor of the Department of Philosophy and Political Science, Osh State University (Kyrgyzstan), sarytaiovich64@gmail.ru

Akunov A.A. - Doctor of Political Science, Professor (Kyrgyzstan), aakunov@gmail.com

Bekboev A.A. - Doctor of Philosophy, Professor (Kyrgyzstan), baa140156@mail.ru

Gabdulina K.G. – Doctor of Sociological Sciences, Professor (Kazakhstan), astanauniver@mail.ru

Zhorobekov Zh.Zh. - Doctor of Political Science, Professor (Kyrgyzstan), saytiev@ahoo.com

Kasabekov S.A. – Doctor of Philosophy, Professor, Eurasian Law Academy named after D.A. Kunaev (Kazakhstan), s_kasabekov@mail.ru

Mendibaev N. – Doctor of Sociological Sciences, Professor (Kyrgyzstan), nyrabek@rambler.ru

Mukasov S.M. - Doctor of Philosophy, Professor, Academician of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, mykasov1@mail.ru

Murzakmatov A.K. – Candidate of Philosophy, Associate Professor of the Department of Philosophy and Political Science, Osh State University (Kyrgyzstan), suzak70@mail.ru

Panov A.I. – Doctor of Political Science, Professor (Russia), evrazia@mirbis.ru

Reimov R.M. – Candidate of Philosophy, Associate Professor, Karakalpak State University named after Berdakh (Uzbekistan), rustem.reimov66@gmail.com

Sharipova E.K. – Doctor of Philosophy, Professor of Osh State University (Kyrgyzstan), e.sharipova_kg@mail.ru

**МАЗМУНУ**

Содержание

*Contents*

## ПОЛИТОЛОГИЯ / POLITICAL SCIENCE

**Акаев А.А., Эркебаев Э.М.**
Миграция - социумдун мыйзам ченемдүү табигый көрүнүшү ....1

**Адылбек уулу Н.**
Түштүк Азия саясий-экономикалык регион катары ....7


## ФИЛОСОФИЯ / PHILOSOPHY

**Давлятова Г.К., Асилбек уулу А., Аскаралиев А.А.**
Причина диалектической связи музыки с великим философом И. Кантом ....13

**Давлятова Г.К., Итиев М.Т.**
Философия музыки И. Канта....19

**Исаков К.А., Акматова Д.А., Бабакулова Р.Б.**
Рухий жардылык глобалдуу проблемалардын себеби катары ....26

**Исманалиева Д.И., Асилбек уулу А., Аскаралиев А.А.**
Природа музыки в метафизике А. Шопенгауэра....31

**Исманалиева Д.И., Итиев М.Т.**
Музыкальный иррационализм Артура Шопенгауэра ....37

**Мурзакматов А.К., Турдиев В.А.**
Окулистика – маданияттар ортосундагы коммуникациянын маанилүү элементи ....44

**Тогусаков О.А., Жакаева Г.К.**
Салттар жана новациялардын диалектикалык байланышынын философиялык мааниси....49

**Итигулова Ж.К., Акмат уулу К.**
Адам жашоосундагы эстетиканын ролу....56


## КУЛЬТУРОЛОГИЯ / CULTURAL STUDIES

**Апжапар уулу Б., Акматкулов У.У.**
Өспүрүмдөрдүн музыкалык маданиятын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү....61

**Апжапар уулу Б., Акматкулов У.У.**
“Музыкалык маданият” түшүнүгүнүн музыка таанууда талданышы ....69

**Боронбаев А.Ж., Токтоназар уулу Н.**
Кыргыздын салттуу маданиятындагы комуздун орду....76

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(4)/2024, 1-6

***ПОЛИТОЛОГИЯ***

**УДК: 325:314.7(545.2)(04)**
**DOI:** 10.52754/16948823_2024_2(4)_1

# МИГРАЦИЯ - СОЦИУМДУН МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДҮҮ ТАБИГЫЙ КӨРҮНҮШҮ

## МИГРАЦИЯ – ЕСТЕСТВЕННОЕ ЗАКОНОМЕРНОЕ ЯВЛЕНИЕ СОЦИУМА

## MIGRATION - A NATURAL REGULAR PHENOMENON OF SOCIETY

**Акаев Аскар Абдыраимович**
*Акаев Аскар Абдыраимович*
*Akaev Askar Abdyraimovich*

**саясий и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.полит.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Political Sciences, Associate Professor, Osh State University*
askarakaev71@mail.ru

---

**Эркебаев Элес Мизанович**
*Эркебаев Элес Мизанович*
*Erkebaev Eles Mizanovich*

**ф.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.ф.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Philosophical Sciences, Associate Professor, Osh State University*
rkebaev@oshsu.kg

# МИГРАЦИЯ - СОЦИУМДУН МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДҮҮ ТАБИГЫЙ КӨРҮНҮШҮ

**Аннотация**

Аталган макалада Кыргызстандын миграциялык саясаты улуттук диаспораларды сактоого, республиканын эмгек ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга багытталгандыгы тууралуу айтылат. Этномиграциялык саясат стратегиясындагы борбордук звено болуп улуттук диаспораларга колдоо көрсөтүү жана сактоо боюнча комплектсүү иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу (баарынан мурда орус, украин ж.б.) эсептелет. Адамдын укугун анын улутуна карабастан коргоону камсыз кылып, кадр саясатынын жүзөгө ашыруудагы басымды алмаштырып, улуттан тышкаркы кадр саясатын жүргүзүү үчүн негиздерди иштеп чыгуу керек. Республиканын бардык негизги улуттарынын – биринчи кезек орус тилдериндеги билим берүүчүлүк программаларды сактоо чон мааниге ээ. Мамлекет коомдун жашоосунун бардык чөйрөсүндөгү орус тилинин ролуна ар тараптан колдоо көрсөтүүсү абзел.

***Ачкыч сөздөр:*** миграция, социум, коом, эмгек ресурстары, экономикалык фактор, мамлекет, этнос, механизм, тенденция, социалдык топтор

## *МИГРАЦИЯ – ЕСТЕСТВЕННОЕ ЗАКОНОМЕРНОЕ ЯВЛЕНИЕ СОЦИУМА*

**Аннотация**
В данной статье говорится о том, что миграционная политика Кыргызстана, должна быть направлена на сохранение национальных диаспор, на рациональное перераспределение трудовых ресурсов республики. Центральным звеном в стратегии этномиграционной политики является разработка, и реализация комплексных мер по поддержанию и сохранению национальных диаспор (прежде всего русской, украинской и др.). Необходимо обеспечить защиту прав человека вне зависимости от его национальности, нужно поменять акценты в осуществлении кадровой политики, разработать основы для проведения вненациональной кадровой политики. Важное значение имеет сохранение образовательных программ на языках всех основных национальностей республики и в первую очередь - на русском. Государство должно всемерно поддерживать роль русского языка во всех сферах жизни общества.

***Ключевые слова:*** миграция, социум, общество, трудовые ресурсы, экономические факторы, государство, этнос, механизм, тенденция, социальные группы

## *MIGRATION - A NATURAL REGULAR PHENOMENON OF SOCIETY*

**Abstract**
This article says that the migration policy of Kyrgyzstan should be aimed at preserving the national diasporas, at a rational redistribution of the labor resources of the republic. The central link in the ethnomigration policy is the development and implementation of comprehensive measures to maintain and preserve the national diasporas (primarily Russian, Ukrainian, etc.). It is necessary to ensure the protection of human rights, regardless of nationality, it is necessary to change the emphasis in the implementation of personnel policies, to develop the basis for an extra-national personnel policy. It is important to preserve educational programs in the languages of all the main nationalities of the republic, and primarily in Russian. The state should fully support the role of the Russian language in all spheres of society.

***Keywords:*** migration, society, society, labor resources, economic factors, state, ethnic group, mechanism, tendency, social groups

**Теманын актуалдуулугу.** Миграция – бул социумдун мыйзам ченемдүү табигый көрүнүшү. Бир орундан экинчи жакка көчүү оң таасирин гана бербестен, терс таасирин тийгизсе да, адамдар бир орундан башка жерге көчүүнүн негизинде турмуш жана эмгек шарттарын жакшыртат. Көзөмөлсүз миграция көп учурда терс натыйжасын берет. Мисалга, көзөмөлдөнбөгөн миграция донор-өлкөнү алардын экономикалык өнүгүшү үчүн керек болгон эмгек ресурстарынан, жогору квалификациялуу адистеринен, окумуштууларынан ажыратышы мүмкүн. Көзөмөлдөнбөгөн миграция эмгек ресурстарын кабыл алып жаткан өлкөлөр үчүн да жагымсыз социалдык көрүнүштөрдү жаратат. Эмгек мигранттарынын чоң агымы коомдо социалдык абалдын курчушуна алып келет.

Миграциянын ушул жана башка көйгөйлөрүн чечүү калктын миграциясын пайда кылган экономикалык факторлорду пайдалануу жолу менен миграциялык процесстерди жөнгө салуу механизмдерин колдонуунун жана мамлекет тарабынан колдонулган иш-чаралар системасынын негизинде ишке ашырылат. Калктын миграциясын, объективдүү шарттар – адамдардын жакшыраак турмуш шарттарын: киреше, эмгек шарттары, укуктук корголуусу, социалдык жактан камсыздалуушу ж.б. табууга умтулганы пайда кылат. Миграциялык процесстерди өлкө менен коом үчүн керектүү нукка салууга чакырылган миграцияны жөнгө салуунун мамлекеттик формалары зарыл мааниге ээ. Кыргызстандын өкмөтүнүн максаты – калктын башка өлкөлөргө көчүп, ал жактан жумуш, аз материалдык жана моралдык чыгымдар менен болгон социалдык коргоо менен камсыз болуу мүмкүндүгүн жаратуучу уюштуруучулук-укуктук шарттарды түзүүдө [1; 7].

Көзөмөлдөнбөгөн миграция экономикалык жактан активдүү калкын жоготуп жаткан Кыргызстандын кызыкчылыгына өтө чоң зыян келтирет. Жакшыраак эмгек, турмуш жана социалдык камсыздоо шарттарын түзүү жолу менен адистердин ордун бекемдөө боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгып, жүзөгө ашыруу зарыл. Бирок, башка жерге көчүү жөнүндөгү чечимдерди адамдар өздөрү кабыл алышат жана алардын кызыкчылыктары мамлекеттикине дал келбейт. Ошондуктан, мамлекет тарабынан миграцияны толук көзөмөлдөө мүмкүн эмес. Адамдардын көчүү эркиндиги –адамдын фундаменталдуу укутарынын бири. Миграциялык кыймыл тигил же бул жарандын өз алдынча чечиминин натыйжасы жана бул коом (мамлекет) менен миграцияланган жарандын кызыкчылыктарынын ортосундагы карама каршылык бар экендигин күбөлөндүрөт.

Кыргызстандын калкынын миграциясы жана анын региондорундагы саясий, демографиялык, социалдык, экономикалык процесстерге күчтүү таасир этет, ошондуктан, миграциялык процесстерди жөнгө салууга жана көзөмөлдөөгө багытталган мамлекеттик административдик чечимдердин мааниси кыйла жогорулады.

Өлкөнүн калкынын тышкы миграциясынын негизги агымы Россияга (мигранттардын жалпы санынын 81%) Казакстанга (15%) туура келет. Жыл сайын мигранттар Кыргызстанга миллиарддаган доллар которушат. Акча которуулардын жалпы агымынын 92% Россия Федерациясына, калганы Казакстан, АКШ жана башка алыскы чет өлкөлөргө туура келет.

Расмий маалыматтарга таянсак чет өлкөгө туруктуу жашоого кеткендердин саны 540 миңден ашуун мурунку мекендештер. Мындан тышкары, эмгек миграциясында 700 миңге жакын

адам бар. Алардын ичинен акыркы маалыматтар боюнча Россияда - 520 миң, Казакстанда - 80 миң, Түштүк Кореяда - 14 миң, Түркияда - 14 миң, алыскы чет өлкөлөрдө (Европа, АКШ, Жакынкы Чыгыш, Азия) ) - 30 миң [5]. Бирок бул көрсөткүчтөр чындыгында бир кыйла көп экендиги талашсыз. Кыргызстандан барган эмгек мигранттарынын көпчүлүгү Россия Федерациясында жана Казакстан Республикасында жашашат. Ищ жүзүндө Кыргыз Республикасынын эмгекке жарамдуу калкынын көпчүлүгү ЕАЭБ мамлекеттеринин аймагында иштешет.

Адистер акыйкат белгилегендей, миграция чоң оң маанайдагы күчкө ээ болуу менен өзгөчө талаш-тартыштуу көрүнүш болуп эсептелет. «Белгилүү бир кырдаалдарда (экономикалык жана социалдык-саясий туруксуздуктун, этникалык чыңалуунун өсүүсү, курал-жарактуу чыр-чатактар, бийликтин катачылыгы же пассивдүүлүгү ж.б.) миграция маселеси курчуп кетиши ыктымал да, көптөгөн өлкөлөрдүн өнүгүүсүндөгү моделдин өзгөрүүсүнө алып келет» [4]. Кырдаалдын өнүгүүсүнүн мындай сценарийинин чоң ыктымалдуулугу Кыргызстанда да бар.

Мамлекеттин калктын миграциялык жүрүмүнө таасир этүүсү жумушчу күчтүн миграциясынын өсүшү же азайышы, же турукташуусу үчүн шарт түзгөн миграциялык саясатынан көрүүгө болот. Укуктук жана социалдык-экономикалык шарттардын өңүтүнөн алып караганда мигранттардын укуктук жактан корголушу, жумушсуздуктун деңгээли, өлкөдөгү экономикалык кырдаал, калктын жашоо деңгээли, жаштардын кесиптик жактан өсүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөр ж.б.у.с. факторлор чоң мааниге ээ. Ушул же дагы башка факторлордун таасирине байланышкан миграция түздөн-түз башкарылбайт, башкача айтканда бул процесс өнүгүүнүн максатка ылайыктуу багыт ала турган шарттарды түзүү зарыл [3; 9].

Мында коомдун экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн деңгээли канчалык жогору болсо, миграциялык процесстерди ишке ашыруу жана башкаруу методдору ошончолук натыйжалуу болушу керек. Базар мамилелери шарттарында миграцияны башкаруунун мындай ыкмалары ылайыксыз. Дүйнөлүк практика калктын миграциясын, баарынан мурда эмгек ресурстарынын миграциясын башкаруунун бай тажрыйбасын топтогон: бул миграциялык процесстерди башкарууга административдик, позитивисттик жана социологиялык мамилелер. Миграцияны башкарууда административдик мамилени пайдаланып, мамлекет моралдык, идеологиялык, экономикалык жана өтө эрктүү административдик чечимдердин башка каражаттарын (мигранттарды чыгарып салуу-кийирүү, ар түрдүү тыюу салуучулук чараларды көрүү, миграцияны чектөө ж.б.) колдонот.

Калктын миграциясын башкарууда оң маанайдагы мамилени пайдаланууда мамлекет ар бир адамдын, үй-бүлөнүн миграциялык жүрүм-турумун эске алат. Миграция укуктук, экономикалык, социалдык, демографиялык, этникалык жана башка факторлорго көз каранды болгон жеке тандоонун натыйжасы катарында каралат. Калктын миграциясын башкаруунун механизмин талдоодо оң маанайдагы мамилени өркүндөтүү жолун издөө максатында, миграциялык чечимдерди кабыл алуу үчүн өбөлгө катарында субъективдик, психологиялык факторлорун эске алуунун негизинде “менталдык (когнитивдик) карталар” методикасы колдонулат. Ошондой эле, иликтөөнүн дагы башка методикалары, мисалга, интервью алуу методу колдонулат.

Социологиялык мамиле калктын жеке артыкчылыктарын гана эмес, ошондой эле бул адамдар кирген коомдук топтордун да артыкчылыктарын колдонот. Постсоветтик мейкиндииктин чегинде миграциялык процесстерди башкарууну аныктоочу экономикалык, саясий, психологиялык, демографиялык мүнөздөгү өзөктүү өзгөрүүлөр болуп өттү. Миграциялык процесстердин өнүгүүсүнүн тенденциялары социалдык чыңалууну жогорулатуучу терс маанайдагы процесстер, рыноктук мамилелердин калыптанышы жана капиталдардын кубулушу менен аныкталат. Миграция өлкөдөгү саясий-экономикалык өзгөрүүлөргө тез эле таасирленет [8]. Экономикалык жана саясий факторлор калктын миграциялык жүрүмүнүн башкы кыймылдаткыч күчү болуп кала берет. Ушуга байланыштуу миграцияны жөнгө салуу калктын этникалык жана социалдык топтор үчүн нормалдуу жана тең укуктуу жашоо шарттарын камсыздоо жолу менен жүргүзүлүүгө тийиш. Бул жумуш орундарын түзүү, өндүрүштүн кээ бир тармактарын стимулдаштырууну, калктын кайсы бир этникалык жана социалдык топторунун дискриминацияланышына жол бербөөнү, алардын укуктук жактан камсыздалышын алдын ала караштырат.

Азыркы кезде коомдук талаш-тартыштардын сыртына чыкпаган көйгөйлөрдүн бири – Борбордук Азиядагы республикалардагыдай эле Кыргызстанда, жетектөөчү кызмат орундарда “титулдук улут” аталгандардын өкүлдөрүнүн көбүрөөк экендигин айтсак болот. Кээ бир облустарда этносттук азчылыктын өкүлдөрү титулдук улуттун өкүлдөрүнөн пайыздык катышта алда канча көбүрөөк болгондо, алар бир региондо же өлкөдө мыйзамдуу жол менен жетектөөчү кызмат ордун ээлей албаган учурларга дуушар болушат. Бардык аймактык пикир келишпестиктер, жер-суу ресурстар маселелеринин чечилбей калгандыгы, көтөрүлүштөрдүн болушу, ошондой эле Борбордук Азиядагы республикалардагы диаспоралар менен титулдук улуттар ортосундагы оор социалдык-экономикалык кырдаал абалдардын курчушуна жана чыр-чатактардын пайда болушуна негиз түзөт, алардын эң коркунучтуусу болуп этностор аралык чыр-чатактар саналат. Мындай учурга этностор менен мамлекеттер аралык пикир келишпестиктер кошулат, бул Борбордук Азия аймагындагы республикалар ичиндеги олуттуу жарылууга алып келиши менен коркунучтуу. Эгерде жогоруда белгиленген факторлор андан ары да өрчүй берсе, анда ал ар бир республикада өзүнчө ички саясий кырдаалдын туруктaшуусуна негиз болушу мүмкүн. Ошондуктан Борбордук Азияда жашаган диаспоралар (орус, тажик, өзбек, кыргыздар) үчүн жашоо тиричиликтин бардык тармактарында жана өлкөнү башкарууда, ошондой эле алардын укуктарынын сакталышында, региондогу туруксуздук факторун жоюуда толук кандуу катышуусу үчүн өз ролунун маанилүү деңгээлин жогорулатуу зарыл. Белгиленген диаспоралар ички саясаттын объектиси жана региондогу эл аралык, эки тараптуу мамилелердин субъектиси, мамлекеттин ички жана тышкы саясаты ортосундагы байланыштыруучу түйүн, ошондой эле бардык Борбордук Азия регионундагы туруктуулуктун куралы экендигин белгилеп кетүү зарыл [2].

Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү күндө Кыргызстан экономикалык, саясий жана социалдык өнүгүүнүн маанилүү этабында турат. Бул процесстин негизги катышуучусу - эң мобилдүү, өзгөрүүгө жакын жана жаңы нерселерди кабыл алуучу, жарандык коомдун активдүү бөлүгү болгон жаштар. Булар ар кандай тармакта инновациялык долбоорлорду жана технологияларды ишке ашырууга жакшы жөндөмдүү жаштар[6].

Андыктан, Кыргызстандын миграциялык саясаты улуттук диаспораларды сактоого, республиканын эмгек ресурстарын акыл-эстүү кайра жайгаштырууга багытталышы керек. Этномиграциялык саясаттын стратегиясындагы борбордук звеносу болуп, улуттук диаспораларды (баарынан мурда орус жана украин) колдоо жана сактоо боюнча комплекстүү иш-чараларды иштеп чыгып, жүзөгө ашыруу саналат. Адамдын укугун, анын улутуна карабастан, коргоону камсыз кылуу зарыл, кадр саясатындагы басымдарды алмаштыруу, улуттардан тышкаркы кадрлар саясатын жүргүзүү үчүн негизди иштеп чыгуу керек. Республиканын негизги улуттарынын жана биринчи кезекте орусча билим берүү программаларын сактоо зарыл мааниге ээ. Мамлекет коом турмушунун бардык тармактарында расмий тилдин ролун бардык иш- чаралар менен колдоосу керек. Экономикалык чөйрөдө мамлекеттер аралык, Россия менен биргелешкен инвестициялык фонддор, ишканалар жана башкалардын иштөөсү үчүн жагымдуу шарттар түзүлүшү керек.

**Колдонулган адабияттар**


1. Миграция населения [Текст] / под общ. ред. О. Д. Воробьевой. – М.: [б. и.], 2001. – Вып. 6: Миграционная политика. – 176 с.
2. Элебаева, А. Современные миграционные процессы в Кыргызстане [Текст] / А. Элебаева // Постсоветские трансформации: отражение в миграциях / под ред. Ж. А. Зайончковской, Г. С. Витковской. – М., 2009. – С. 384-410.
3. Как получить паспорт гражданам, находящимся за пределами КР [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https:www.mfa.gov.kg contents view id194. – Загл. с экрана.
4. Дмитриев, А. В. Конфликтогенность миграции: глобальный аспект [Текст] / А. В. Дмитриев // Социол. исслед. – 2004. – № 10. – С. 4-13.
5. Демографический ежегодник Кыргызской Республики: 2015-2019. - Бишкек: Нацстатком КР, 2020. – С. 320.
6. Чекирова А.К. Кыргыз Республикасындагы калктын миграциясына укутук мүнөздөмө. // Известия вузов Кыргызстана, №6, 2020. Известия вузов Кыргызстана, № 6, 2020. С.-200-203.
7. Абжамилова, А. Ш. Трудовая миграция как инструмент устойчивого социально-экономического развития Кыргызстана / А. Ш. Абжамилова, Е. М. Давлетшина // Вестник Ошского государственного университета. – 2024. – № 2. – С. 384-394. – DOI 10.52754/16948610_2024_2_38. – EDN LZYCHY.
8. Макыев, А. Т. Миграциялык процесстердин коомдун өнүгүшүнө тийгизген таасирлери жөнүндө / А. Т. Макыев, Б. М. Мурзакулов // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 1. – P. 65-71. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_1_64. – EDN WXOKVS.
9. Макыев, С. Т. Кыргызстандагы жаштар арасындагы миграция маселелери / С. Т. Макыев, Н. А. Табалдиева // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Экономика. – 2024. – No. 1(4). – P. 89-99. – DOI 10.52754/16948734_2024_1(4)_13. – EDN DTRNEB.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(4)/2024, 7-12

***ПОЛИТОЛОГИЯ***

**УДК: 332-14**
**DOI:** 10.52754/16948823_2024_2(4)_2

# ТҮШТҮК АЗИЯ САЯСИЙ-ЭКОНОМИКАЛЫК РЕГИОН КАТАРЫ

ЮЖНАЯ АЗИЯ КАК ПОЛИТИЧЕСКИЙ И ЭКОНОМИЧЕСКИЙ РЕГИОН

SOUTH ASIA AS A POLITICAL AND ECONOMIC REGION

**Адылбек уулу Нурбек**
*Адылбек уулу Нурбек*
*Adylbek uulu Nurbek*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
nurbek.adylbekov.84@bk.ru

# ТҮШТҮК АЗИЯ САЯСИЙ-ЭКОНОМИКАЛЫК РЕГИОН КАТАРЫ

**Аннотация**

Макалада Түштүк Азия дүйнөдөгү эң байыркы цивилизациялардын бири катары каралат, ал бүгүнкү күндө Түштүк-Чыгыш Азиянын экономикалык жана саясий турмушунда чечүүчү ролду ойнойт. Бул аймак өзүнүн динамикалык жана стратегиялык өнүгүүсү менен айырмаланат, бул анын дүйнөнүн эң жыш жайгашкан бөлүгүндөгү орду жана ролуна олуттуу таасирин тийгизет. Индия субконтиненти кайра куруунун өзгөчөлүгүнөн улам илимий көңүл буруууга татыктуу. Макалада өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикалык жана саясий турмушундагы мыйзам ченемдүүлүктөрдү түшүнүүгө жардам бере турган өзгөрүүлөр жана кайра түзүүлөр, алардын өзгөчөлүктөрү жана көйгөйлөрү талкууланат.Түштүк Азиянын South Asia Economic Focus дун отчетуна ылайык, глобалдык турбуленттүүлүктүн чектелген таасири жана инвестициялык активдүүлүктүн жогорулашы менен бекемделген чөлкөмдүн өсүү перспективалары күчтүү бойдон калууда.Бирок жагымдуу шарттар азыртан эле начарлоонун белгилерин көрсөтүүдө. Аймакка капиталдын агымы азайып, мунай экспорттоочу өлкөлөрдөн акча которуулар кыскара баштады. Күйүүчү майдын жана азык-түлүктүн баасы төмөн бойдон калууда, бирок андан ары төмөндөшү күмөн. Натыйжада, жалпы өндүрүштүн өсүшү мурда күтүлгөндөн жайыраак болуп, акыркы мезгилде инфляция акырындык менен өсүүдө.

***Ачкыч сөздөр:*** периферия, цивилизациялар, субконтинент, аналог, аймак

## *ЮЖНАЯ АЗИЯ КАК ПОЛИТИЧЕСКИЙ И ЭКОНОМИЧЕСКИЙ РЕГИОН*

**Аннотация**

В статье рассматривается Южная Азия как одной из древнейших цивилизаций в мире, которая играет сегодня важнейшую роль в экономической и политической жизни Юго-Восточной Азии. Этот регион отличается своим динамическим и стратегическим развитием, что существенно влияет на его место и роль в самом густонаселенном части мира. Индийский субконтинент, по своей специфике трансформаций заслуживает пристального научного внимания. В статье рассматривается изменения и транформации, их особенности и проблемы, что может помочь в понимании закономерностей в экономической и политической жизни развивающихся государств. Согласно публикуемому дважды в год докладу South Asia Economic Focus, перспективы экономического роста региона остаются высокими благодаря ограниченному влиянию глобальной турбулентности в сочетании с ростом инвестиционной активности.Тем не менее, уже начали появляться признаки ухудшения благоприятных условий. Приток капитала в регион снизился, объемы денежных переводов из стран-экспортеров нефти начали сокращаться. Цены на топливо и продовольствие остаются низкими, но вряд ли продолжат снижаться. В результате общий рост объемов производства оказался медленнее, чем ожидалось ранее, а показатели инфляции в последнее время постепенно идут вверх.

***Ключевые слова:*** периферия, цивилизации, субконтинент, аналог, регион

## *SOUTH ASIA AS A POLITICAL AND ECONOMIC REGION*

**Abstract**

The article considers South Asia as one of the oldest civilizations in the world, which today plays a key role in the economic and political life of Southeast Asia. This region is characterized by its dynamic and strategic development, which significantly affects its place and role in the most densely populated part of the world. The Indian subcontinent deserves scientific attention due to the peculiarities of reconstruction. The article discusses the changes and transformations that help to understand the patterns of economic and political life of developing countries, their features and problems.According to the South Asia Economic Focus, the region's growth prospects, strengthened by the limited impact of global turbulence and increased investment activity, remain strong. However, favorable conditions are already showing signs of deterioration. Capital inflows to the region have declined and remittances from oil-exporting countries have begun to decline. Fuel and food prices remain low, but are unlikely to fall further. As a result, GDP growth has been slower than previously expected, and inflation has been rising steadily in recent years.

***Keywords:*** periphery, civilizations, subcontinent, analog, region

## Киришүү

Түштүк Азиянын тарыхында көп түрдүүлүк боюнча аймактын биримдиги жөнүндөгү клишени тактоо адат болуп саналат. Балким, Түштүк Азияны жана анын элдерин биримдиктеги көп түрдүүлүктүн, чындыгында, биримдиктин өтө кеңири контурунда көп түрдүүлүктүн картинасын берүү катары мүнөздөш туурараак болмок. Дүйнөдөгү эң бийик тоо кыркалары жана аны курчап турган деңиздер жана океандар менен түзүлгөн географиялык чек аралар бүткүл субконтинентти дүйнөнүн калган бөлүгүнөн айырмалап турат. Бирок, бул чектердин ичинде табигый атрибуттардын көп түрдүүлүгү бар - укмуштуудай адырлар жана тоолор, жапжашыл дарыя түздүктөрү, кургак чөлдөр жана күрөң платолор. Мындай так аныкталган, бирок ар түрдүү региондо жашаган элдер жалпы маданий чөйрөнү түзүшкөн, бирок ошол эле учурда алар өзгөчө маданий ишенимдерге жана үрп-адаттарга терең байланган. Миңдеген жылдар бою субконтиненттин элдери тышкы дүйнө менен көптөгөн маданий алмашууларга катышып, өз ичиндеги маданий айырмачылыктардын чыгармачылык адаптациясын иштеп чыгышкан.

Негизинен, аймак анын бар экенин тастыктаган белгилүү бир конкреттүү көрсөткүчтөрдүн негизинде аныкталышы мүмкүн. Бири-бирине географиялык жактан жакын жайгашкан өлкөлөрдүн жыйындысы, биринчи кезекте, аларда (улуттук) кызыкчылыктардын белгилүү бир жалпылыгы болгондо, «регион» катары классификацияланышы мүмкүн. Бул кызыкчылыктар социалдык, экономикалык, саясий, маданий, тарыхый жана башка факторлордун толук спектрин камтышы мүмкүн. Экинчиден, мамлекеттер аралык мамилелерди жүргүзүүдө кызматташтыкты конфликттен жогору коюунун маанилүүлүгүн түшүнүү үчүн бул өлкөлөрдүн тобу жетиштүү деңгээлде агартууга тийиш. Бул ошондой эле аймактык кызматташтыктын бекем механизмин түзүү үчүн жалпы кеңешке чогулууга болгон жамааттык каалоо менен бекемделиши керек. Мындай сезимдер Түштүк Азиянын мамлекеттеринде аздыр-көптүр жок, муну Түштүк Азия регионалдык кызматташтык ассоциациясынын (SAARC) канааттандырарлык эмес иш аракеттери көрсөткөндөй [1.С.67]. 1983-жылы SAARC концепциясы чыккандан бери, субконтинентте ушул гана болгон жамааттык кызматташуу механизмин алга жылдыруу үчүн өтө аз жасалган.

## Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары

Биздин изилдөөнүн материалдары катары Дүйнөлүк банктын Түштүк Азия чөлкөмү боюна башкы экономисти Мартин Раманын аналитикалык билдирүүлөрү болду жана ошондой эле чет элдик окумуштуулардын жана эксперттердин изилдөө моделдеринин негизги мазмунуна негизделген салыштырма методдорду колдондук.

Түштүк Азия регион катары кемчиликтери жагынан кызматташуу жетиштүү денгээлде эмес. Негизги талаш-тартыштар Түштүк Азиядагы эки негизги факторлордон турат: Түштүк Азия мамлекеттеринин кызыкчылыктарынын адекваттуу даражасына жетишилбегендигине жана дээрлик дайыма ички иштер менен алек болушуна байланыштуу «аймак» катары өнүгүү процессинде мамлекеттик чыр-чатактар жана кризистер аймактык чечимдерди издөө үчүн чектелген убакыт же ресурстар менен айрым мамлекеттерди калтырып келет.

Бүгүнкү күндө Түштүк Азия жаңы миң жылдыктын башталышында эл аралык тартипке олуттуу таасирин тийгизген дүйнөнүн стратегиялык жактан маанилүү бөлүгү болуп саналат.

1998-жылы Индия менен Пакистандын өзөктүк куралдарды сыноосунан жана Кашмирдеги жаңжалдан улам Инент массалык маалымат каражаттарынын өзгөчө чоң көңүл борборунда болду. Ядролук согушту тутандырышы мүмкүн болгон акыркы элүү жылдагы эң чечилгис эл аралык проблемалардын бири болгон Түштүк Азиянын орду терең тарыхый түшүнүүнү талап кылат. 1990-жылдардын башынан бери Түштүк Азияда, өзгөчө Индияда экономикалык саясатта маанилүү бурулуштар байкалган, ошондуктан аймактын дүйнөлүк экономика менен байланышына, ошондой эле жакырчылыктын жана теңсиздиктин туруктуу көйгөйлөрүнө баа берүү маанилүү [2.С.5; 9]. Тынчтыктын, демократиянын жана жалпы өнүгүүнүн чыныгы перспективалары, айрыкча Түштүк Азияны өзүнүн тарыхындагы чечүүчү жолдун кесилишине койгон Кашмир боюнча атаандаш талаштар. Өнүккөн шайлоо демократиясы авторитаризмдин күчтүү көрүнүштөрү болгон аймакта, көбүнчө бир өлкөнүн ичинде жанаша жашайт. Абдан күчтүү жана туруктуу, көбүнчө локализацияланган салттарга карабастан, Түштүк Азияда өзгөрүлбөс "салт" түшүнүгү ар дайым миф болуп келген, бирок, балким, түштүк азиялыктар глобалдык өз ара байланыштын аренасында өз ордун талкуулап жаткан убактагыдай эч качан болгон эмес. тез езгеруулер-дун толкунунда.

**Жыйынтыктар жана талкуулар.**Туштук Азия дуйнөдөгү «критикалык райондордун» же «коопсуздук комплекстеринин» бири экендиги белгилуу, бул биринчи кезекте Түштүк Азия мамлекеттеринин көпчүлүгү кандайдыр бир деңгээлде мамлекеттер аралык талаш-тартыштарга жана чыр-чатактарга аралашып жаткандыгына байланыштуу. Британдык императордук башкаруу Түштүк Азия өлкөлөрүн жалпы колониялык системага бириктиргени менен, ал ошол эле учурда бир нече карама-каршылыктын үрөнүн сепкен, алар бүгүнкү күндө да аймактагы мамлекеттер аралык мамилелерди булуңдатып келет. Эки улут теориясы боюнча Индия менен Пакистандын ортосундагы, ал эми Шри-Ланка менен Индиянын ортосунда Тамил плантациясынын жумушчуларынын улуту боюнча пикир келишпестиктер бул жагынан эң көрүнүктүү мисалдардын экөөсү гана болуп саналат. Британдык Раджбын акыркы шашылыш чегинүүсү жана андан кийин Түштүк Азиядагы эң ири эки мамлекеттин башкаруучу элиталарынын ортосунда пайда болгон ачуу мамиле салттуу толуктоолорду жана биримдикти олуттуу түрдө бузду. Чынында эле, Пакистан менен Бангладеш бир кезде Раждын тушунда бирдиктүү Индия болгон нерсенин үзүлгөн бутактары болгон тарыхый факт бүт аймакка уникалдуу татаалдыкты берет. Этникалык жана тилдик татаалдыктар сценарийди ого бетер татаалдантат.

Индияда 1980-жылдардын башынан бери этникалык жана жамааттык зордук-зомбулук эгемендик алгандан берки эң жогорку көрсөткүч болду.Пакистан да акыркы 5 жылда 9000дей кишинин өмүрү кыйылган ыдыратуучу күчтөр тарабынан козголуп жаткан баш аламандыктардан жана зордук-зомбулуктардан жапа чегип келет. Ушул сыяктуу маселелер Бангладештин ички саясий сахнасын дагы эле кыйнап келет, ал жерде армия Читтагонг Хилл аймагындагы кичинекей, бирок олуттуу олуттуу этникалык азчылыктын козголоңун кармоого катышып жатат [3.С.67].

Айырмачылыктар башкарууда жана мамлекеттик башкарууда сакталган баалуулуктарда жана принциптерде да байкалат. Индиянын саясий системасы, кыязы, демократиянын, федерализмдин, секуляризмдин жана анын глобалдык кыйроого чейин социализмдин аралашмасы болгон. Бангладеш мамлекетти куруунун аздыр-көптүр бирдей принциптери менен баштаган, бирок кийинчерээк диндин таасири жөнүндө чексиз талаш-тартыштарга орун берип, тескерисинче, коомдук пикирдин индикатору эмес, саясий спекуляциянын куралы

Эреже катары, азиялык аялдар салт боюнча эркек кишилердин көзүнө тиктешпейт, айрыкча бейтааныш эркек кишилерлердин көзүнө тиктегенге уруксат берилбейт. Азиялыктарда кол алдында иштеген адамдар дагы начальнигинин жүзүнө тик карашпайт. Мындай жорукту алар орой жана сыйлабаган жүрүш-туруш катары баалашы мүмкүн. Азиянын көпчүлүк маданияттарында адамды телмире тиктегенге тыюу салынышы, жөн эле адамга болгон сый-урматты билдирүүнүн формасы болуп саналат.

СССРден билим алууга Мали өлкөсүнөн келген студенттердин өз окутуучуларынын көзүнө тик карабаганы сабак берген мугалимдерди таң калтырган. Көрсө, ал жакта өзүнөн улуу адамдын көзүнө тик кароо оройлук, адепсиздик экен. Айрым өлкөлөрдө (ал эми алардын саны көп) аял кишинин көзүнө тик кароо ага тийишүү, асылуу катары каралат.

Эгерде АКШда ак ыраңдуу окутуучу кара ыраңдуу студентке сын айтса, окутуучунун көзүнө тик карагандын ордуна ал жоопкатары жерди карайт. Ага тигил окутуучунун ачуусу келиши мүмкүн. Себеби, кара ыраңдуу америкалыктар жер карап турганды сыйлап-урматтагандыктын көрүнүшү деп карашса, ак ыраңдуу америкалыктар тик караганды сый-урматтын жана көңүл бөлүүнүн белгиси катары баалашат. Камбоджалыктар, өздөрүнүн көздөрүнө бөлөк кишинин көздөрү чагылышып кеткенин кемсинтүү деп эсептешет. Анткени, бул нерсе алардын ички дүйнөсүнө басып кирүү дегенди билдирет. Көздү башка тарапка ала качуу бул жерде адептүүлүктүн белгиси катары саналат (2;179). Түндүк америкалыктарда көздү кысуу кандайдыр-бир нерсе аларды аябай тажатканын билдирет же флирт жасоонун белгиси болуп калат. Эгерде нигериялыктар өз балдарына көз кысышса, анда, алар үчүн бул нерсе бөлмөдөн чыгып кеткиле деген белдирет. Ал эми Индияда жана Таиландда көз кысуу кемсинтүү катары каралат.

Биздин адат боюнча, сүйлөшүп жатканда бири-биринин көзүнө тик кароо, кездешкенде күн нурунан көздү калкалаган көз айнектерди чечип коюу керек. Бирок, бул адатты бардык эле элдер сактай беришпейт. Этнографтар контакттык жана контакттык эмес цивилизацияларды айырмалашат. Биринчи топко кирген элдерде маектешине жакындап келүү

жана көздөрү менен тиктешүү кабыл алынган болсо, экинчи топко киргендерде мындай манералар бетсиздик жана жабышуу катары бааланат.

Контакттык эмес топко индейлер, палестиналыктар, түндүк америкалыктар, япондор киришет. Мисалы, япондор биреөнүн көзүнө тик карабоо максатында көз карашын анын мойнунун жогору жагына буруп кетишет.

Биздин көз караш боюнча, өтө эле парадоксалдуу туюлган үрп-адаттар дагы бар. Алсак, витуто жана динеро уруусунун индейлери, бири-бири менен маектешип жатканда ар башка тарапты карап алып сүйлөшүшөт. Эгерде чоң аудиторияга кайрылып сөз сүйлөш керек болсо, сүйлөөчү киши адамдарга далысын салып бурулуп алат (3;67-68).

Жалпылап айтканда, көз караш, «көздүн жүрүм-туруму» улуттук спецификага ээ. Бул нерсе эки башка маданияттын өкүлдөрүнүн ортосундагы карым-катнашта ачык байкалат, даана көрүнөт. Ошондуктан улам маданияттар ортосундагы диалогдо «көздүн жүрүш-турушундагы» айырмачылыктар эске алынышы зарыл.

**Адабияттар**


1. Биркенбил, В. Язык интонации, мимики, жестов [Текст] / В. Биркенбил. - С.-П.: «Питер», 1997. – 176 с.
2. Бороздина, Г.В. Психология делового общения. Глава 7. Имидж делового человека [Текст] / Г.В. Бороздина. - М.: «Деловая книга», 1998. – 224 с.
3. Рыданова, И.И. Уроки этикета [Текст] / И.И. Рыданова. – Мн.: Выш. шк., 1988. – 158 с.
4. Холл, Э. Как понять иностранца без слов [Текст] / Э. Холл. - М.: «Наука», 1995. 197 с.
5. Калилова, Б. Ж. Маалыматты туюндуруудагы вербалдык эмес каражаттардын орду / Б. Ж. Калилова // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 4. – P. 203-210. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_4_203. – EDN HAYTOY.
6. Сейитбекова, С. С. Тил, маданият жана коммуникация / С. С. Сейитбекова, О. Мирзакматова // Вестник Ошского государственного университета. – 2022. – No. 2. – P. 200-206. – DOI 10.52754/16947452_2022_2_200. – EDN XCWKNW.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(4)/2024, 49-55

***ФИЛОСОФИЯ***

**УДК: 1.13**
**DOI:** 10.52754/16948823_2024_2(4)_9

# САЛТТАР ЖАНА НОВАЦИЯЛАРДЫН ДИАЛЕКТИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫНЫН ФИЛОСОФИЯЛЫК МААНИСИ

## ФИЛОСОФСКИЙ СМЫСЛ ДИАЛЕКТИЧЕСКОЙ СВЯЗИ ТРАДИЦИЙ И НОВАЦИЙ

## PHILOSOPHICAL MEANING OF THE DIALECTIC CONNECTION OF TRADITIONS AND INNOVATIONS

**Тогусаков Осмон Асанкулович**
*Тогусаков Осмон Асанкулович*
*Togusakov Osmon Asankulovich*

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы**
*Национальная академия наук Кыргызской Республики*
*National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

**Жакаева Гульзина Кочкорбаевна**
*Жакаева Гульзина Кочкорбаевна*
*Zhakaeva Gulzina Kochkorbaevna*

**аспирант, Ош мамлекеттик университети**
*аспирант, Ошский государственный университет*
*Postgraduate student, Osh State University*

# САЛТТАР ЖАНА НОВАЦИЯЛАРДЫН ДИАЛЕКТИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫНЫН ФИЛОСОФИЯЛЫК МААНИСИ

**Аннотация**

Илимий макалада учурдагы салттар менен новацияларды изилдөөгө өзгөчө көнүл бурулуп, Ата-мекендик гуманитардык ойломдо салттар менен новацияларды изилдөөдө бай тажрыйбалардын топтомдорунун негизинде ага карабастан салттар менен новациялар маселеси бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири катары аздектелип, андан тышкары алардын бирдиктүү иш-аракеттери өз алдынча философиялык изилдөөнүн предмети экендиги каралган.

***Ключевые слова:*** салт, новация, диалектика, феномен, категория, эс-тутум, маданият

## *ФИЛОСОФСКИЙ СМЫСЛ ДИАЛЕКТИЧЕСКОЙ СВЯЗИ ТРАДИЦИЙ И НОВАЦИЙ*

**Аннотация**

В научной статье особое внимание уделяется изучению современных традиций и новаций, а на основе совокупности богатого опыта изучения традиций и новаций в патриотической гуманитарной мысли тем не менее выделяется проблема традиций и новаций как представлена одна из актуальных проблем современности, а кроме того, их совместные действия являются предметом самостоятельного философского исследования.

***Ачкыч сөздөр:*** традиция, новация, диалектика, феномен, категория, память, культура

## *PHILOSOPHICAL MEANING OF THE DIALECTIC CONNECTION OF TRADITIONS AND INNOVATIONS*

**Abstract**

In the scientific article, special attention is paid to the study of modern traditions and innovations, and on the basis of the totality of rich experience in the study of traditions and innovations in patriotic humanitarian thought, the problem of traditions and innovations is nevertheless highlighted as one of the urgent problems of our time, and in addition, their joint actions are the subject of an independent philosophical study.

***Keywords:*** tradition, innovation, dialectic, phenomenon, category, memory, culture

**Киришүү**

Салттар менен новациялар – бул кыйла татаал коомдук феномендер. Алар көп тараптан көрүнгөндүктөн, алардын кээ бир тараптары атайын бир илимий изилдөөнүн предмети болуп калышы толук ыктымал. Салттар менен новациялар – кыйла көлөмдүү, көп кырдуу түшүнүктөр жана о.э. жашоо-турмуштун эн көп түрдүү көрүнүштөрүн камтып, талкуулар менен талаш-тартыштардын предмети болуп эсептелет. Бирок, андан тилекке каршы, салттар менен новацияларды иштеп чыгуу маселеси кыйла түшүнүктүү болуп калбайт. Биз ойлогондой, бул маанилүү жана абдан зарыл философиялык, практикалык пландагы категориялар, албетте, өзүнчө бир талкууга алууга жана андан аркы изилдөөгө толук татыктуу.

Салттарды өнүгүүнүн бардык этаптарына, коомдун жашоо-турмуштун бардык чөйрөлөрүнө сүнгүп кирген жалпы философиялык түшүнүк, универсалдуу түзүлүш катары кароо менен салттар бир жактуу аныкталбайт.

Белгилей кетүүчү нерсе, салт коомдо бекем орноп, жүрүм-турумдун конкреттүү программасын жана иш-аракеттердин белгилүү бир үлгүсүнүн берүүчү норма жана көрсөтмө катары каралат. Андан тышкары, салт – социумдагы индивиддер менен топтордун социалдык байланышы деп айтууга болот. Маанилүү багыттардан болуп социалдаштыруу, маданий мурастарды кабыл алуу, социалдык субъекттерди коомдук топтордун азыркы муктаждыктарына таандык болгон коомдун маданий жетишкендиктерине жакындаштыруу эсептелет. Салт коомдук карым-катнаштардын системасы катары караларын да айтпай коюуга болбойт. Салттын негизи - адамдардын өз ара карым-катнаштары, коомдогу мамилелери. Ал социумдагы туруктуулугу, кайталануучулугу, типтүүлүгү менен мүнөздөлгөндүгүн да билдирет. Албетте, салт – бул маданияттын маалыматтык мүнөздөмөсү, мурастык социалдык эс-тутумду топтоого, сактоого, өткөрүп берүүгө негизделген маалыматтык маани-манызды алып жүрүүчү катары социалдык маалыматты белгилөөнүн өзгөчө формасы. Ал ишмердүүлүктүн өткөн үлгүлөрүн кайра жандандырууга басым жасайт. Салттын иш-аракеттеринин натыйжасы болуп социалдык тажрыйбанын калыптануусу жана иш алып баруусу эсептелет. Ошону менен бирге салт – стереотиптештирилген тажрыйба. Салт маданий ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун эн жалпы, универсалдуу механизми болуп эсептелет. Ал маданияттын пайда болуусунун, өнүгүүсүнүн жана иш алып баруусунун ыкмасы катары кызмат кылат [13].

Биздин көз карашыбызда, салттар деп онтологияга, гносеологияга, этикага, эстетикага таандык болгон социалдык философиянын түшүнүктөрү менен категорияларынын салыштырмалуу туруктуу жыйындысын; философиялык маселелерди чечүүнүн принциптерин айтсак болот.

Демек, салт – бул кайра жандандыруу, сактоо максатында социалдык мурастоонун өзгөчө механизми болуп эсептелген социалдык феномен, татаал спецификалык система. Анын манызы болуп ырааттуулукту жана социалдык жашоо ишмердүүлүгүнүн үзгүлтүксүздүгүн жана коомдук жашоо-турмуштун туруктуулугун камсыздоо максатында муундан муунга өткөрүлүп берилүүчү, топтолгон социалдык тарыхый мурасты өткөрүп берүү жана кайра жандандыруу эсептелет.

«Новация» түшүнүгү тууралуу айта турган болсок, анда анын табияты универсалдуу. Новациялардын феноменин изилдөө коомдук жашоо-турмуштун ар кыл чөйрөлөрүндө

берилет. Аталган феномен эчак эле экономикалык теориянын салттуу чектерин жоготуп, жалпы социалдык мүнөзгө ээ болду. Термин андан да көп сандагы мааниге ээ. Философиялык көз караштан алып караганда «новация» коомдук жашоонун, социалдык карым-катнаштардын башка чөйрөлөрүнүн, салттарынын, маданиятынын, чыгармачылыгынын өнүгүүсү менен байланышкан.

Биз бул боюнча С.Е.Крючкованын новациялар «дегеле адамзат ишмердүүлүгүнүн глобалдуу аспектисинин көрүнүшү катары кызмат кылат жана өзүнүн түпкү терендеги маани-манызы боюнча алар жанылыктарды түзүү жана таратуу процессине эле эмес, кандай гана болбосун жанылыктарды кыйгап өткөн жашоо образын, ойлом стилин өзгөртүүгө да таандык» [5].

Новация – бул азыркы мезгилде жана ошол жерде адамдар тарабынан жаны катары кабыл алынган өзгөчө социалдык-философиялык баалуулук. Новация, В.Б.Аграновичтин пикиринде, «азыркы жашоо-турмушту анын бардык көп түрдүүлүгүндөгү жана өз ара байланышындагы динамикасын чагылдырып, коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүнө сүнгүп кирип, анын өнүгүүсүнүн логикасын ачып берип, дүйнө көз караштык жана методологиялык учурларын бөлүп берүүнү жана синтездөөнү шарттайт жана адамдын өзүнүн жашоо тажрыйбасын андап билүүнүн ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелип, онтологиялык мааниге ээ болот» [6].

Философияда новация – бул коомдук жашоонун ар кыл чөйрөлөрүндөгү жаны элементтерди киргизүүнүн, өздөштүрүүнүн жана интеграциялоонун татаал көп денгээлдүү социалдык процесс, анын натыйжасы катары социалдык карым-катнаштар менен бирдиктүү иш-аракеттердин системасындагы олуттуу жана артка кайткыс өзгөрүүлөр эсептелет. Аталган процесс коомдун өнүгүүсүнүн позитивдүү тенденцияларына ылайык келип, жаны социалдык байланыштар менен мамилелердин, руханий жана интеллектуалдык муктаждыктардын, социомаданий нормалардын, социалдык институттар менен уюмдардын калыптануусун активдүү түрдө жөнгө салат.

Новациянын ичинде ойлоп табуулар, ачылыштар түрүндөгү ар кыл мазмундуу көрүнүштөр бөлүнүп турат. Новация жанылык киргизүү менен шайкеш келип, адамзаттын муктаждыктарын, андан тышкары социумдагы аны менен байланышкан өзгөрүүлөрдү канаттандыруу үчүн жаны тажрыйбалык каражаттарды түзүүнүн, колдонуунун жана таратуунун комплекси катары түшүндүрүлөт. Новация – бул социалдык феномен, ал өзүнө позитивдүү өзгөрүүнү камтып, өнүгүүнүн кийинки баскычтарында жок болгон креативдүү-теоретикалык ишмердүүлүктү айкалыштыруунун продуктусу болуп эсептелет.

Биздин көз карашыбызда, салттар менен новациялардын бирдиктүү иш-аракеттеринин төмөнкү сценарийи ыктымалдуу деп эсептейбиз:

1.Аталган мезгилде үстөмдүк кылуучу салттардын жоголуп кетүүсү же «катып калуусу». Өзгөчө бул сценарий качан салт коомдо чабал болуп, калыптанбаган жана туруксуз болуп эсептелгенде байкалат. Коомдо «күчтүү» новацияларга болгон муктаждык келип чыгат. Новация салттын ордун алмаштырат, бекийт жана социалдык-маданий чөйрөдө басымдуулук кылат. Ошол эле мезгилде новация салттардын сакталуучулук, тен салмактуулук жана кайталануучулук сыяктуу касиеттерин өзүнө синирип алат. Мындай учурда новациялык структураны түзүүнү жана салттын толук түрдө жоголуусун түшүнүүгө болот. Андыктан

белгилей кетүүчү нерсе, өзүнүн басымдуу бөлүгүндө новациялар коомго кыйынчылык менен аралашат. Экинчи жагынан, салт толугу менен жоголуп, ал эми кандайдыр-бир мезгилден кийин кайрадан пайда болуусу мүмкүн.

2. Салтты активдүү коргоо, анын новацияга болгон каршы иш-аракеттери жана күрөшү. Аталган сценарийде салттар новациянын кайра жаратуусчулук өнүгүүсүн «өчүрөт». Ар бир новация буга чейинки салттар менен макулдашылгандан кийин гана кабыл алынат же өз кезегинде жаны салттарды пайда кылат [7]. Мындай иш-аракеттердин натыйжасы болуп новациялардын жоголуусу жана тен ортодо калуусу эсептелет – мындай новациялар «чабал» болуп саналып, салттар басымдуулук кылышып, новациялык процесстин өнүгүүсүнө мүмкүндүк бербейт. Каршы иш-аракеттердин натыйжасында новация жоголот, ал эми салт жаны касиеттер менен толукталып, белгилүү бир новациялык белгилерге ээ болот.

Новациялар салттарды жаны нормалар менен толукташып, салтты новациялык жактан толуктоо менен калыптандырып, алардын мазмунун өзгөртүүгө жөндөмдүү келишет. Качан коом аталган новацияны кабыл албай койгондо консерватизм жогорулайт деген вариантты да четке кагууга болбойт. Экинчи жагынан, прогрессивдүү салттар социалдык-маданий чөйрөдө өзгөртүлгөн новациялык нукта сакталып калат. Аталган сценарийде «женишке жетишкен» салттар коомдун дестабилдешүүсүнө алып келиши ыктымал. Ошентип, «мындай деформациялар социалдык системанын дестабилдешүүсүнө, анын ички мүнөздөмөлөрүнүн дезориентациясына алып келиши мүмкүн» [8].

3. Салттардын новацияга трансформациялануу процесстеринин эволюциялануусу, өнүгүүсү. Аталган сценарийдин кыска мөөнөттүк мезгилдеги өнүгүүсү баарынан мурда «эски» салттар үчүн мүнөздүү. Мындай учурда дээрлик жана формалдуу түрдө «чыныгы» салт болуп эсептелишкен «элестүү», «жалган» новацияларды айырмалай билүү зарыл. Салттагы новациялардын интеграциясы болуп өтөт: новациялар салттардын болгон структурасына жараша ынгайлашышат;

4. Салттар менен новациялардын аралашуусу, б.а. окшоштугу. Новациялар салттарга таянышып, аларга модификацияланышат жана ынгайлашат. салттар новацияларга болгон белгилүү бир толуктоо катары кызмат кылат, анын үстүнө конкреттүү новация бир нече салттардын комбинациясын түзүшү ыктымал. Аталган вариантта белгилүү бир мезгил аралыгында салттардын новацияларга болгон он мүнөздөгү ырааттуулугу байкалат;

5. Салттар менен новациялардын жанаша жашоосун жана сактоосун билдирген компромисстик варианты [9]. Маданият таануучу Э.С.Маркарян тарабынан иштелип чыккан «салттык окуу» теориясына таянуу менен салттар менен новациялар бирдиктүү иш-аракеттердин процессинде бири-бирине «аралашып» кетүүлөрү ыктымал. Салттар сакталып калат, ал эми новациялар өнүгүшөт. Салттар дагы, новациялар дагы бири-бирин кыйратышпайт. Башкача айтканда, «бүгүнкү күнү актуалдуу, иштиктүү деп аталган салт орунтук алуусу үчүн новация менен сөзсүз түрдө жуп болууга, модернистик система болгон компромисске барууга жана акырындык менен аталган системанын экинчи маанидеги компонентинин ролуна жылып барууга мажбур болот» [10; 12].

Андыктан салттын сценарийи ретро-формага же репродукция формасына ээ болуусу мүмкүн. Салттар новацияларды иретке келтирген салттар менен новациялардын бирдиктүү иш-аракеттеринин белгилүү бир өткөөл формаларынын жана элементтеринин пайда болуусу

ыктымал. Өз кезегинде новациялардын пайда болуусундагы салттарды четке какпоо байкалуусу ыктымал, анткени новациялардын салттар сыяктуу эле түшүмдүүлүгү аз болушу мүмкүн.

Албетте, аталган сценарийде салттар дагы кандайдыр-бир денгээлде өнүгө алышат. Салттар менен новациялар локализацияланып, «локалдуу маданий дүйнөнүн жабыктыгына» байланыштуу дээрлик бири-бири менен бирдиктүү иш-аракетте болушпайт», ал социалдык системанын макро жана микро денгээлдери үчүн мүнөздүү болот деген вариант да бар [11].

Диахрондук проекциядагы салттын негизиндеги жанынын калыптануусу төмөнкүдөй түрдө берилет: коомдун өнүгүүсүнө жараша «өткөндүн» тажрыйбасын топтоо иши жүрөт, ал табигый түрдө аккумуляцияланып, тандоодон өтөт жана акыр аягында натыйжалары модификацияланган салттарда бекемделет. Салттар менен новациялардын байланышынын аталган процесси стихиялуу эмес, объективдүү мүнөзгө ээ болот, анткени коомдогу баалуулуктар менен идеалдарга таянуу менен иш жүзүнө ашырылат, бирок рационалдуулуктун көзөмөлүндө болот.

**Жыйынтыктоо**

Ошентип, макала сонунда айтарыбыз, изилдөөнүн негизинде салттуу баалуулуктардын маанилүү сапаттарын аныктоого болот. Салттуу баалуулуктар аадамдашкан дүйнөдө анын жоголуп кетүүсүнүн алдында салттуу өзгөчөлүктү сактоо жана коргоо боюнча институттук саясатты талап кылат.

**Адабияттар**

1. Асанканов А.А. Кыргызы: рост национального самосознания [Текст] / А.А. Асанканов. –Бишкек, 1997.-226с.
2. Ачылова Р.А. Нация и семья [Текст] / Р.А.Ачылова. − Фрунзе, 1987. −190с.
3. Бакиева Г.А. Социальная память и современность [Текст] / Г.А.Бакиева. – Бишкек, 2000-231с.
4. Брудный А.А. Независимый Кыргызстан: третий путь [Текст] / А.А.Брудный. – Бишкек, 1993. -143с.
5. Бугазов А.Х. Социокультурные особенности развития демократии в Кыргызстане [Текст] / А.Х.Бугазов // Центральная Азия и культура мира, 2006. − №№1−2.-205с.
6. Есенгельдиев С. Несовместимость национальных и религиозных традиций. Общественная психология и религиозные предрассудки [Текст] / С.Есенгельдиев. -Ф. 1970;
7. Жумагулов М.Ж. «Маданият таануу» [Текст] / М.Ж.Жумагулов. – Бишкек 2017.-463с.
8. Мукасов Ы.М. Традиции социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа [Текст] / Ы.М.Мукасов. – Бишкек, 1999.-226с.
9. Нусупов Ч.Т. Философия национального нигилизма, языковая политика и культура [Текст] / Ч.Т.Нусупов. – Бишкек, 2007. -119с.
10. Тогусаков О.А, Бекбоев А.А. Мифическое сознание: необходимость и случайность [Текст] / О.А.Тогусаков, А.А.Бекбоев // Из истории социально-философской мысли народов Востока. – Фрунзе, 1989.-151с.

11. Урманбетова Ж.К.Мышление кыргызов в проекции философии истории [Текст] / Ж.К.Урманбетова. – Б., 1997.-1741с.
12. Боронбаев, А. Ж. Улуттук оюндардын маданий-философиялык экспликациясы / А. Ж. Боронбаев, А. С. Осмонова // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2023. – No. 2(2). – P. 7-14. – DOI 10.52754/16948823_2023_2(2)_2. – EDN IXSXEW.
13. Джоошбекова, З. Р. Көп маданияттуулукка тарбиялоодо кыргыз жана өзбек элдеринин каада-салттарынын тийгизген таасирлери / З. Р. Джоошбекова, К. А. Эргешова, А. Т. Зулушова // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 4. – P. 138-144. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_4_138. – EDN WLMIPJ.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(4)/2024, 56-60

***ФИЛОСОФИЯ***

**УДК: 37.015**
**DOI:** 10.52754/16948823_2024_2(4)_10

# АДАМ ЖАШООСУНДАГЫ ЭСТЕТИКАНЫН РОЛУ

## РОЛЬ ЭСТЕТИКИ В ЖИЗНИ ЧЕЛОВЕКА

## THE ROLE OF AESTHETICS IN HUMAN LIFE

**Итигулова Жылдыз Кайбалиевна**
*Итигулова Жылдыз Кайбалиевна*
*Itigulova Zhyldyz Kaibalievna*

**филос.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.филос.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Dr., Osh State University*

**Акмат уулу Кайрат**
*Акмат уулу Кайрат*
*Akmat uulu Kairat*

**магистрант, Ошский государственный университет**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети*
*master's student, Osh State University*

# АДАМ ЖАШООСУНДАГЫ ЭСТЕТИКАНЫН РОЛУ

**Аннотация**

Эстетика адам жашоосунда маанилүү роль ойнойт, дүйнөнү кабыл алуу, инсандыкты калыптандыруу жана аң-сезимдин өнүгүшүнө таасир этет. Бирок, бүгүнкү күндө анын мааниси массалык маданияттын таасири менен төмөндөп барат. Бул макала эстетиканын инсанды жеке жана маданий деңгээлде кандай калыптандырганын, кооздукту кабыл алууда кандай өзгөрүүлөр болуп жатканын жана эстетикалык аспекттерге болгон кызыгуу эмне үчүн төмөндөп жатканын изилдейт. Корутундуда, эстетиканы күнүмдүк жашоого кайтаруу жана инсанды гармониялуу өнүктүрүү үчүн практикалык сунуштар берилет.

***Ачкыч сөздөр:*** эстетика, ажайып жөнүндө түшүнүк, педагогикалык ишмердүүлүк, педагог, болочок педагог, эстетикалык табит

## *РОЛЬ ЭСТЕТИКИ В ЖИЗНИ ЧЕЛОВЕКА*

**Аннотация**

Эстетика играет ключевую роль в жизни человека, влияя на восприятие мира, формирование личности и развитие сознания. Однако в современном мире ее значение снижается из-за утилитарного подхода и влияния массовой культуры. Эта статья исследует, как эстетика формирует человека на личностном и культурном уровне, какие изменения происходят в восприятии красоты и почему интерес к эстетическим аспектам снижается. В заключении предложены практические рекомендации для возвращения эстетики в повседневную жизнь и горманичного развития личности.

***Ключевые слова:*** эстетика, понятие о прекрасном, педагогическая деятельность, педагог, будущий педагог, эстетический вкус

## *THE ROLE OF AESTHETICS IN HUMAN LIFE*

**Abstract**

The Role of Aesthetics in Human Life Abstract Aesthetics plays a key role in human life, influencing the perception of the world, the formation of personality, and the development of consciousness. However, in the modern world, its significance is diminishing due to a utilitarian approach and the impact of mass culture. This article explores how aesthetics shapes individuals on a personal and cultural level, the changes occurring in the perception of beauty, and why interest in aesthetic aspects is declining. The conclusion offers practical recommendations for reintroducing aesthetics into everyday life and fostering harmonious personal development.

***Keywords:*** aesthetics, the concept of beauty, pedagogical activity, teacher, future teacher, aesthetic taste

Жаш муундарга татыктуу билим, тарбия берүү улуттук жана мамлекеттик мааниге ээ, буга байланыштуу эгемендүү мамлекетибизде өз ишин терең түшүнгөн, өзүнүн билими менен ишкерлигин ар тараптан колдоно алган кесип ээлерин даярдоо талабы коюлуп келет. Мындай милдеттер кесип ээлерин даярдай турган жогорку окуу жайларынын алдына коюлган негизги максаттардан. Жогорку окуу жайларда келечек кесип ээлерин даярдоодо руханий, улуттук баалуулуктарын калыптандырууну, билим берүүнүн жаңыча уюштурулушу мезгил талабы болуп калууда. Жаштарды эстетикалык жактан тарбиялоодо элдин улуттук руханий маданияты, өнөр - казынасы менен тааныштыруу аларды ар тараптан өнүккөн, адамгерчиликтүү адис катары даярдалышына шарт түзөт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги кабыл алган концепцияда: «Улуттук маданият, көөнөрбөс өнөр аркылуу жаштарга ар тараптан эстетикалык тарбия берүүгө, адамзат коомундагы маанилүү мурастарды үйрөнүүгө тарбиялоого» өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Адамзаттын эстетикалык маданиятын калыптандыруунун негизи эстетикалык тарбия, ал билим берүүдөн башталат. Эстетикалык тарбия адамдарга тиешелүү иш-аракеттердин сулуулугун, кооздугун, тазалыгын даңазалайт. Ошол себептен студенттердин, башкача айтканда келечек муундардын эстетикалык маданиятын калыптандырууну ушул макалабыздын маанилүү маселеси катарында алдык.

Эстетика — бул кооздукту изилдеген философиялык категория гана эмес, көркөм чыгармачылыкта, табиятта жана турмушта сулуулуктун маңызы жана формасы тууралуу окуу; адамдын болмуш көрүнүшүнө эстетикалык баа берүүсүн жана көркөм иш аракеттер чөйрөсүн изилдеген философиялык илим. Глобализация жана санариптештирүү шартында дүйнөгө көз караш өзгөрүп, жашоодогу эстетикалык аспекттерге болгон көңүл буруу төмөндөп барат.

Бул макаланын максаты эстетиканын инсанды жана коомду калыптандыруудагы ролун, эстетикалык баалуулуктарга болгон кызыгуунун төмөндөшүнүн себептерин талкуулоого жана эстетиканы күнүмдүк жашоого кайтаруу жолдорун сунуштоо болуп саналат. Эстетиканын инсандык өнүгүүгө жана маданий процесстерге кандай таасир этерине көз чаптырып көрөлү: эстетиканын тарыхый өнүгүшүнүн башаты Байыркы Грециядан башталган. Алсак, Платон кооздукту түбөлүк тартиптин чагылышы деп эсептесе, Аристотель кооздукту чыныгы объекттерден жана табияттан таап, анын искусстводогу жана жашоодогу маанилүүлүгүн белгилеген жана бул байыркы Грек концепциялары эстетикалык ойдун кийинки өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизген. [1, 61-б]

Орто кылымдарда кооздук диний концепцияларга байланышкан, искусстводогу жана табияттагы кооздук менен сулуулук Кудайдын жаратканы катары көрсөтүлгөн. Ал эми Ренессанс доорунда адамга жана анын чыгармачылыгына болгон кызыгуунун жогорулашы менен, эстетикалык түшүнүк да бир кыйла кеңейген. [2, 11-б; 9]

Немец философтору Иммануил Кант жана Фридрих Шиллер эстетиканын инсандык интеллектуалдык жана маданий өнүгүшүндөгү ролунун жогорулугун белгилешкен. Кант кооздукту кабыл алуу "татыктуу ырахат" алып келерин да белгилеп өткөн. [3, 43-б]

Эстетика маданий нормалар жана салттар менен да тыгыз байланышта. Ар бир доор жана маданият өзүнүн уникалдуу эстетикалык канондорун калыптандырып, алар коомдун баалуулуктарын жана дүйнө көрүнүшүн чагылдырып келет. Мисалы, Барокко доорунун

негизги социалдык пайдубалы дворяндык абсолютизм заманы болсо, Япон эстетикасы көбүнчө минимализмге жана табиятка көңүл бурат. [4, 30-б.; 8; 10]

Учурдагы эстетика глобализация процесси менен чагылышат: маданияттар аралык өз ара аракеттенүү, эстетикалык нормалар жана ар кандай улуттардын артыкчылыктары бири-бирине кирип, жаңы гибрид формаларды жаратууда. Санариптик технологиялар жана социалдык тармактар маданий образдарды ыкчам жайылтууга мүмкүндүк берет, бул коздукту кабыл алууда традициялык чектерди жоет.

Учурдагы маданият, айрыкча медиа жана маркетинг аркылуу, эстетиканы коммерциялашып барат. Бул кооздуктун стандартташуусуна жана терең эстетикалык кабыл алуунун үстүңкү тренддер менен алмашуусуна алып келүүдө, ошол себептерден искусство маданий жана социалдык идентиктерди калыптандырууда маанилүү ролду ойнобой калды.

Эстетика жеке өнүгүүгө терең таасир этип, элестетүүнү стимулдаштырат, кабыл алуунун чегин кеңейтет жана эстетикалык табитти калыптандырат. Искусствого, сүрөт, музыка же адабиятка болгон өз ара аракеттенүү эмоциялык интеллектти өнүктүрөт жана адамдын өз сезимдерин билдирүү жөндөмүн жакшыртат. Эстетикалык тарбиянын мааниси балалыкта өзгөчө маанилүү. Чыгармачылык аркылуу балдар дүйнөдөгү кооздукту көрүүгө жана аны өз эмгектеринде чагылдырууга үйрөнүшөт. Бул гана эмес, искусство көндүмдөрүн, ошондой эле сынчыл ойлонуу, рефлексия жана эмпатия жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Чыгармачылык ишмердүүлүктөр координацияны жана когнитивдик жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет, бул баланын жалпы өнүгүүсү үчүн маанилүү.

Эстетикалык артыкчылыктар жашоонун бардык этаптарында калыптанууну улантып, профессионалдык жана жеке тандоолорго таасир этиши да мүмкүн. Мисалы, күнүмдүк жашоодо деталдарды жана кооздукту байкоо жөндөмү чыгармачыл кесиптерде жардам бере алат жана жалпы жашоонун сапатын жогорулатат.

Массалык маданияттын таасирине карабастан, эстетика мода, архитектура, дизайн жана жарнама сыяктуу ар кандай тармактарда маанилүү роль ойнойт. Эстетикалык баалуулуктар биздин жашоону жана чөйрөнү кабыл алуубузга таасир этет. Бирок жашоонун темпинин тездетилиши жана медиа аркылуу визуалдык стимулдардын көптүгү терең эстетикалык кабыл алууну төмөндөтүп баратат. Анткен менен социалдык тармактар эки тараптуу ролду ойнойт: бир жагынан эстетикалык образдарды ыкчам алмаштырууга мүмкүндүк берсе, экинчи жагынан кооздук түшүнүгүн үстүңкү тренддерге алып чыгат. Бул адамдар эстетиканы кандай кабыл алышына жана өз чөйрөсүн кантип тандашына таасир этет.

Эстетикага болгон кызыгуунун төмөндөшүнүн себептерин белгилеп өтөлү: медиага эстетикалык образдардын көп болушуна карабастан, терең эстетикага болгон кызыгуу төмөндөп жатат. Бул бир нече факторлор менен байланыштуу:

- Коммерция: Эстетика көбүнчө товарларды сатуу үчүн инструмент катары колдонулат, бул анын өзгөчө баасын төмөндөтөт.
- Маалыматтык жүктөө: Санариптик дүйнөдө адамдар маалыматтын ашыкча көптүгү менен кездешишет, бул эстетиканы ойлонуп кабыл алууга убакыт калтырбайт.
- Эстетикалык тарбиянын жетишсиздиги: билим берүү программаларында көбүнчө табитти жана искусствону кабыл алууну өнүктүрүүгө жетиштүү көңүл бөлүнбөй калды.

Эстетиканы күнүмдүк жашоого кайтаруу мүмкүнбү, ал үчүн эмне кылуу керек?

Эстетиканы күнүмдүк жашоого кайтаруу жана анын маанилүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн төмөнкү чараларды көрүүнү зарыл деп таптык:

- Эстетикалык тарбияны күчөтүү: искусство, архитектура жана дизайн боюнча курстарды мектептердин жана университеттердин программаларына киргизүү жаш муундар үчүн эстетикалык табитти өнүктүрүүгө жардам берет.
- Маданий иш-чараларды популяризациялоо: көргөзмөлөргө, театрларга жана музейлерге баруу жеткиликтүү жана популярдуу болушу керек. Бул адамдарга дүйнөнү кабыл алуу чегин кеңейтүүгө жана ички дүйнөсүн байытууга мүмкүнчүлүк берет.
- Маалыматтык жүктөмдү кыскартуу: мүмкүнчүлүк болсо, курчап турган дүйнө жөнүндө ой жүгүртүүгө убакыт бөлүү жана медиа аркылуу сунушталган визуалдык образдардан качуу маанилүү.

Корутундулап айтканда, эстетика адамдын эмоциялык, интеллектуалдык жана маданий өнүгүүсүнө таасир этүүчү маанилүү роль ойнойт. Замандын чакырыктарына карабастан, эстетика гармониялуу жашоо үчүн зарыл болуп кала берет. Анын маанилүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн эстетикалык тарбияга, дүйнөнү аң-сезимдүү кабыл алууга жана эстетикалык табитти өнүктүрүүгө көңүл бурулушу керек, бул адамдарга кооздук менен сулуулуктун байланышын кайрадан табууга мүмкүнчүлүк берет.

**Колдонулган адабияттар**


1. Платон. «Федр». — М.: Республика, 1999.
2. Аристотель. «Поэтика». — М.: Искусство, 1991.
3. Кант И. «Критика способности суждения». — М.: Наука, 1964.
4. Шиллер Ф. «Письма о эстетическом воспитании человека». — М.: Наука, 1979.
5. Гуревич П.С. «Эстетика и ее функции в современной культуре». — М.: Издательство Московского университета, 2005.
6. Бурдье П. «Эстетический капитал». — СПб.: Алетейя, 2012.
7. Моррис Д. «Эстетика повседневности: Почему красота имеет значение». — М.: Ад Маргинем, 2016.
8. Жалалов, Э. И. Суфизм эстетикасындагы музыкалык искусствонун рефлекциясы / Э. И. Жалалов, О. Н. Назарова, Т. А. Карыбекова // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2023. – No. 1(1). – P. 1-6. – DOI 10.52754/16948823_2023_1(1)_1. – EDN LVOLZI.
9. Акматалиев, А. Т. Признаки массовой культуры / А. Т. Акматалиев, Д. А. Ыразаков, А. Асан Уулу // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 1, № 3. – С. 280-287. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_280. – EDN KUJAGW.
10. Макаев, Т. Мектеп окуучуларына көркөм-эстетикалык тарбия берүүдө искусствонун ролу / Т. Макаев // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2023. – No. 2(2). – P. 80-86. – DOI 10.52754/16948823_2023_2(2)_13. – EDN AMTRBK.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(4)/2024, 61-68

***КУЛЬТУРОЛОГИЯ***

**УДК: 78.01**
**DOI:** 10.52754/16948823_2024_2(4)_11

# ӨСПҮРҮМДӨРДҮН МУЗЫКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ОСОБЕННОСТИ ФОРМИРОВАНИЯ МУЗЫКАЛЬНОЙ КУЛЬТУРЫ ПОДРОСТКОВ

# FEATURES OF FORMATION OF MUSICAL CULTURE OF TEENAGERS

**Апжапар уулу Бектур**
*Апжапар уулу Бектур*
*Apjapar uulu Bektur*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*

---

**Акматкулов Улан Улукбекович**
*Акматкулов Улан Улукбекович*
*Akmatkulov Ulan Ulukbekovich*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*

# ӨСПҮРҮМДӨРДҮН МУЗЫКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Аннотация**

Макалада өспүрүм курактагы балдардын музыкалык маданиятты өздөштүрүү шыгы, жакындыгынын канчалык экенин аныктоо үчүн өспүрүм курактын өзгөчөлүктөрү каралган. Мектеп окуучуларынын музыкалык маданиятынын калыптанышы түздөн-түз музыкалык билим берүү жана тарбиялоо процессинде боло турганы айкындалат.

***Ключевые слова:*** өспүрүм курак, өзгөчөлүктөр, музыкалык маданият

***ОСОБЕННОСТИ ФОРМИРОВАНИЯ МУЗЫКАЛЬНОЙ КУЛЬТУРЫ ПОДРОСТКОВ***

**Аннотация**

В статье рассматриваются особенности подросткового возраста с целью определения степени способности к освоению музыкальной культуры и уровня привязанности детей-подростков. Выявлено, что формирование музыкальной культуры школьников происходит непосредственно в процессе музыкального образования и воспитания.

***Ачкыч сөздөр:*** подростковый возраст, особенности, музыкальная культура

***FEATURES OF FORMATION OF MUSICAL CULTURE OF TEENAGERS***

**Abstract**

The article examines the characteristics of adolescence in order to determine the degree of ability to master musical culture and the level of attachment of teenage children. It has been revealed that the formation of the musical culture of schoolchildren occurs directly in the process of musical education and upbringing.

***Keywords:*** adolescence, features, musical culture

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун музыкалык маданияты түшүнүгүн аныктоо жана ушул курактагы балдардын көп компоненттүү кубулуш катары саналган музыкалык маданиятты өздөштүрүүгө шыгы, жакындыгы канчалык бар экенин аныктоо үчүн өспүрүм курактын өзгөчөлүктөрүн карап чыгуу зарыл.

Өспүрүм деген сөз – грек тилинен алынып кыргызчага которгондо өсүү, чоңойуу, жетилүү, алдыга жылуу, умтулуу, чектөөдөн чыгуу, бой жеткен деген маанилерди билдирет. Өспүрүмдөрдүн проблемасы психологдордун, педагогдордун, өкмөттүн алдында турган негизги, татаал проблемалардын бири. Бекеринен өспүрүм курак азыркы учурда өткөөл, чукул өзгөргөн, кыйын, кризистүү деген сөздөр менен мүнөздөлбөйт.

Өспүрүм куракта жаңы ар түрдүү феномендер, ар түрдүү жаңы белгисиз фактылар кездешет. «15 жашымда атамдын акылсыздыгына таң калсам, ал эми 20 жашымда атамдын өтө акылдуу болгонуна таң калгам» - деп жазган Марк Твен.

Ал эми “Өспүрүмдөрдүн инсандык структурасында бир дагы туруктуу, толук кыймылсыз эч нерсе жок. Анда бардыгы өзгөрөт, өтүп турат” - деп жазат, Л.С. Выготский.

Өспүрүм куракта көп сандаган аномалдуу касиеттер: кежирденүү, өз эркинчелик, бирөөлөрдү сындоо, өзүн коомчулукка карама-каршы коюусу, натыйжаларынын кескин өзгөрүп кетерин турмуш өзү көрсөттү. Өспүрүмдөрдүн өздөрүн коомчулукка карама-каршы коюусун үй-бүлөдө, эмгек коллективинде тарбия иштеринин деңгээли аркылуу түшүндүрүүгө болот.

Чоң кишилерге болгон ички карама-каршылык, алыстоо аракеттери өз алдынча жашап кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ дегендик эмес. Өспүрүмдөрдө жарым балалык, жарым чоң кишилик сезим жашайт. Өспүрүмдөр коомдогу, коллективдеги, үй-бүлөдөгү жетишпегендиктерди ашкерелөөчү объект.

Өспүрүмдөр коомдо өз ордун табууга, өзүнүн психикалык, физиологиялык касиеттерин өз колу менен көрүп, аны талдоого аракеттенүүчү инсан катары эсептелет. Ошентип, өспүрүм коомчулукка, үй-бүлөгө ар түрдүү чечилгис проблемаларды коёт.

Өспүрүм курак – бул бардык нерсени билүүгө аракет кылган, таанып-билүүгө умтулган, энергиясы ашып-ташып турган, активдүүлүгү чектен ашкан, демилгелүүлүгү, жигердүүлүгү күчөгөн, иш дегенде ичкен ашын жерге койгон курак. Р.С. Немов өспүрүмчүлүктү эң жоопкерчиликтүү мезгил деп атайт, анткени «ушул учурда адеп-ахлактын негиздери түптөлөт, социалдык багыттар, өзүнө болгон, адамдарга болгон, коомго болгон мамилелер калыптанат; жеке өзүнө таандык мүнөздүү белгилери жана инсандар ортосундагы жүрүм-турумдун негизги формалары стабилдешет» [3, 222; 6]. Бирок, изилдөөлөргө ылайык, бир гана чоң кишилер эмес, мектеп окуучуларынын өздөрү дагы өспүрүмдөрдү чоң кишилердин милдетин эмес, алардын укугун гана алууну каалаган адамдар катары эсептешкен пикирлер менен макул болушат.

Э. Шпрангердин пикири боюнча, өспүрүм курак маданиятка аралашуу курагы болуп саналат [5], ушул учурда балдар чоң кишилер жана курдаштары менен кызматташууга барууну көздөшөт, өз алдынча таанып-билүү аракетин жасашат, өз иш-аракетин болжолдоп, турмуштук пландарды түзө башташат. Мына ушунун баарында алар жалпы маданий үлгүлөргө, нормаларга, эталондорго жана мыйзамченемдүүлүктөргө таянышат. Ж. Пиаже

белгилегендей, ушул жаш куракта инсан биротоло калыптанат жана бардык келечектеги жашоонун программасы түзүлөт.

Өспүрүм курактын татаалдыгы төмөнкүчө аныкталат, ушул курактагы балдар, К Левиндин пикири боюнча, өзүнчү эле маргиналдуулук абалында болушат. Ал нерсе, ошол балдардын эки маданияттын – балдар дүйнөсү менен чоңдор дүйнөсүнүн ортосунда тургандыгынан көрүнөт. Өспүрүм мындан ары жаш балдар маданиятынын өкүлү болгусу келбейт, бирок, азырынча чоң кишилердин жамаатына кире албайт. Себеби, реалдуу айкындуулуктун каршылыгына туш болушат. Ал эми бул нерсе «когнитивдик дисбаланс» абалын жаратат, «турмуштук мейкиндиктин» алмашуу учурунда ориентирлер, пландар жана максаттар так болбошун жаратат [5, 244].

Сезим чөйрөсүнүн интенсивдүү өнүгүүсү өспүрүмдүн эмоционалдык туюмунун жана нравалык сезиминин калыптанышы, анын руханий өнүгүшү үчүн бир кыйла жагымдуу мезгил болуп саналат (Л.И. Божович, И.В. Гребенников, В.В. Давыдов, Т.В Драгунова, И.В. Дубровина, Е.А. Леванова ж.б.).

Көптөгөн изилдөөчүлөр (Л.И. Божович; Т.В. Драгунова, А.А. Либерман, О.О. Петрова, К.Н. Поливанова, Т.В Умнова, Д.И Фельдштейн, И.В. Шаповаленко ж.б.) өспүрүм курактын мезгилдик чек арасы 10-11 жаштан 14-15 жашка чейинки хронологиялык куракты камтыйт деп эсептешет.

Өткөөл курактын психологиясынын атасы деп атап жүрүшкөн Стэнли Холл, бул кубулушту түшүндүргөн концепцияны сунуш кылып, адилеттүү түрдө бул куракты стресс жана конфликтерге жык толгон «бороон жана катуу чабуулдун» мезгили деп атаган. Бул жерде бейстабилдүүлүк, энтузиазм жана будуң-чаң үстөмдүк кылат. Өспүрүмдөрдүн интеллектуалдык ишмердүүлүгүндө олуттуу алдыга жылыштар болот, таанып-билүү процесстердин бардыгы бир кыйла бийик деңгээлге жетет жана акырындык менен уюшулган, тескелген жана башкарылган болуп калат [2, 25].

Төмөнкү класстын окуучуларына салыштырмалуу «өспүрүмдөр өз жүрүм-турумун, өз ойлорун жана сезимдерин аныктаганга жана көзөмөлдөгөнгө жөндөмдүү экенин байкашат» [3, 230]. Аларда башка адамдын көз карашын угуу, өзүнүкүнө караганда дүйнөнү башка позициядан кароо жана кабыл алуу жөндөмү өнүгөт. Өз алдынча ой жүгүртүү билүүсү жүрүм-турумдун ыкмаларын өз алдынча тандаганынан көрүнөт: өспүрүмдөр алардын жеке өзү үчүн акылга сыйымдуу, максаттуу жана пайдалуу нерселерди гана кабыл алышат [3, 144]. Алар бардык нерселерди кайра текшерип көрүүгө, алардын анык экенине жеке өзү ынанууга аракет кылышат. Ошондуктан өспүрүм куракты баалуулук ориентациялардын, ынанымдардын, руханий муктаждыктардын (жашоонун маңызын издөө, өзүн-өзү өнүктүрүүгө умтулуу, өзүнүн аракеттерине аң-сезимдүү мамиле жасоо, өзүнүн жоруктарына нравалык көз караштан баалай билүүсү ж.у.с.) калыптануусу үчүн сензитивдик мезгил катары мүнөздөсө болот.

Инсандык баалуулуктардын системасынын калыптанышы өспүрүмдүн ишмердүүлүгүнүн мазмунун; анын карым-катнаш чөйрөсүн, адамдарга болгон мамилесинин тандалмалыгын, ошол адамдарга берилген бааны жана өзүн-өзү баалоосун аныктайт. Дал ушул учурда адамдын турмуштук зарыл жекече жана ишкер касиеттеринин абсолюттук көпчүлүк сапаттары ачык байкалат: адамдардын ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндөгү өз

ара алакалары менен байланышкан уюштургуч жөндөмдөрү, ишкердиги, демилгелүүлүгү, тапкычтыгы [9].

Дал ушул куракта балдар курдаштарынын жана чоң кишилердин айткан пикирлерин өзгөчө көңүл коюп угушат, алардын астында биринчи жолу моралдык-этикалык мүнөздөгү проблемалар пайда болот, ал эми өспүрүмдүн өз курдаштарынын арасында өзүн канааттандырган орунду ээлөөгө умтулуусу референттик топтун жүрүм-турум нормаларына жана баалуулуктарына карата өтө жогору конформизм менен коштолот. Бул нерсе асоциалдуу жамаатка жакындашкан, аралашкан учурларда өтө кооптуу [5, 248].

Адатта өспүрүм куракта адам баласында өзүнүн ички дүйнөсүнө болгон кызыгуу, өзүнүн кулк-мүнөзүнүн белгилерин, өз мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүү жана аңдап-сезүү, өзүндө башка адамдардан болгон айырмачылыгын табуу, өзүнүн ички ой толгоолорун анализдөөгө аракет жасоо муктаждыгы пайда болот. Башкача айтканда, өзүнө өзү баа берүүгө болгон кызыгуу жаралат. Ошол эле кезде өспүрүмдүн жаңы инсандык сапаттарын калыптандыруунун негизи болуп ишмердүүлүктүн ар түрүндөгү карым-катнаш эсептелет (В.А. Аверин) [1; 7; 8].

Курдаштары менен карым-катнашта болуу ушул куррактын башкы иш-аракети болуп калат (Л.И. Божович, Л.С. Выготский, Т.В. Драгунская, И.С. Кон, Д.И. Фельдштейн, Г.А. Цукерман, Д.Б. Эльконин ж.б.). Алар менен кенен карым-катнашта болуу мүмкүнчүлүгү сабактардын жана кызыкчылыктардын жагымдуулугун аныктайт. Карым-катнаштын мотивдери өзгөрөт: 10-11 жаш – курдаштарынан арасында болууну жана алар менен чогуу бир нерсени жасоону каалоо, 12-13 жаш – курдаштардын коллективинде белгилүү бир орунду ээлөөнү каалоо, 14-15 жаш – автономияга умтулуу жана жеке инсандык баалуулугун башкалардын таануусун издөө. Карым-катнашта моралдык нормаларды жана баалуулуктарды практикалык өздөштүрүү жүрөт, адамдык карым-катнаштын ар тарабын өздөштүрүү болот, психиканын негизги жаңы түзүлүшү катары өзүн-өзү аңдап билүү калыптанат. Жолдоштору менен карым-катнаш түзүү жаш баланын турмушунун борборунда болуп калганын жана ал үчүн зор мааниге ээ экенин эске алуу менен бирге, өспүрүм курак өз ара аракеттенүү жөндөмүн жана жүрүм-турумду тескөөнүн негизи катары коммуникативдүүлүктүн өнүгүүсү үчүн өтө жагымдуу мезгил болуп саналат.

Социумда өз ордун табуу менен байланышкан өспүрүмдүн сапаттык жаңы социалдык позицияга чыгуусу, чоң кишилердин арасында өз ордун ээлегенге реалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн жок экендигинде деле анын инсандыгын чоң адамдардын таанышына карата көшөрө умтулгандыгы менен мүнөздөлөт. Ушул мезгилде чач жасалгада болсун, кийген кийимде болсун, косметиканы жана лексиконду колдонууда болсун, жүрүм-турум манерасында жана эс алуу ыкмасында болсун, бир нерсеге кызыккан, жакшы көргөндө болсун ж.у.с. чоң кишилерди туураганга умтулуу күчөйт. Чоң кишилер дагы өспүрүмдөргө карата бир кыйла олуттуу жана бир аз катаал, талапчыл мамиле жасай башташат. Үйдөн тышкары (көчөдө же курдаштарынын компаниясында) узагыраак болгонго жана дене түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр менен байланышкан кошумча милдеттерди аткарганга мүмкүндүк бере башташат. Жетиштүү деңгээлде өз алдынча инсан болуп калыптануу менен бирге өспүрүм өзүнүн көз карандысыздыгын жана өз алдынчалыгын бекемдегенге умтулат. Ал нерсе өзүн көрсөтүүнүн жаңы формаларын жана каражаттарын издөө үчүн жагымдуу кыртышты түзөт. Башкача айтканда, чыгармачылык менен шугулдануу, өзүн-өзү көзөмөлдөө жана өзүн-өзү сындоону өрчүтүү, айланадагы адамдар менен өз ара карым-катнаштар системасындагы өзүнүн дагы

орду бар экени тууралуу сезимдердин калыптануусу; жоопкерчилик сезимдердин калыптанышы жана өзү жасаган аракеттерди аңдап сезип тандоосу, акыры келип, анын инсандык сапаттарынын өнүгүүсү үчүн керек болгон нерселердин бардыгын издөө.

Тарбиялоо көз карашынан алганда өспүрүм курак – көптөгөн милдеттерди чечиш үчүн жашоонун бир кыйла жагымдуу учуру. Д.И Фильдштейн, өспүрүмдөр үчүн коомдук пайдалуу, коом тарабынан таанылган жана колдоого алынган ишмердүүлүк зор мааниге ээ деп эсептейт [4, 46-55]. Ал нерсе окуу-таанып-билүүчү, өндүрүш-эмгектик, уюштуучулук-коомдук, көркөм же спорттук ишмердүүлүк болушу мүмкүн, башкысы – өспүрүмдүн өз ишмердүүлүгүнүн реалдуу мааниге ээ экенин жана пайдалуу экенин сезүүсү. Өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүгө жана белгилүү бир социалдык позицияны ээлегенге умтулуу өз тагдырын өзү чечүүдө өспүрүмдүн талаптарына жооп берет.

Жогоруда айтылгандарды жалпылап туруп төмөнкүнү айтууга болот, өспүрүм күрактагы мектеп окуучуларында когнитивдик, баалуулук-ориентациялык, эмоционалдык, ишмердик-практикалык жана коммуникативдик компоненттерди камтыган татаал көп компоненттүү сапат болгон музыкалык маданиятты калыптандыруу үчүн зарыл болгон инсандык мүнөздөмөлөр байкалат. Мектеп окуучуларынын музыкалык маданиятынын калыптанышы түздөн-түз музыкалык билим берүү жана тарбиялоо процессинде болот, ал:

- өспүрүмдөргө өзүн-өзү көрсөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн кенен спектрин сунуш кылат: музыкалык чыгармага болгон жеке пикирин билдирүү жана аны эмоционалдуу, сөз сүйлөп талдоодон тартып чыгармачыл тапшырмаларды же аткаруучулук ишмердүүлүктү аткаруу процессинде жеке идеяларын жүзөгө ашырууга чейин;
- бөлөк адамдын ички сезимдеринин дүйнөсүн түшүнүү жана ага жакын болуу (эмпатияны) жөндөмүн өнүктүрүүнүн негизинде өспүрүмдүн инсандык нравалык багыттарын, дүйнө көз карашын жана турмуштук позицияларынын калыптанышына жардам берет;
- карым-катнаш муктаждыгын канааттандыруу менен мектеп окуучуларынын коммуникативдик маданиятынын өнүгүүсү үчүн шарттарды түзөт, анткени, музыка адамдардын бири-бири менен карым-катнашта болуусунун спецификалык формасы болуп саналат: аткаруучу – автор (музыкалык тилдин интонациялык-таасирдүү чөйрөсү аркылуу), аткаруучу – көркөм образ же каарман (ойлогон ойдогу ички диалог жана окуяларга, элестеткен кырдаалдарга ж.у.с. карата жеке позициясын (баасын) иштеп чыгуу аркылуу), аткаруучу – аткаруучу (өзүнүн пикирин башкалардын пикири менен салыштыруу, музыкалык чыгарманы чогуу аткаруу жана аны ички сезимдер аркылуу өткөрүү процессинде күмөн саноодон арылуу жана өзүнө болгон ишенимдин жаралышы аркылуу), аткаруучу – угуучу (музыкалык чыгарманын маани-мазмунун жекече интерпретациялоо жолу менен);
- концерттик-агартуучулук ишмердүүлүктө, чыгармачылык конкурстарда жана фестивалдарда, коллективдүү чыгармачылык иштерде ж.у.с. катышуу аркылуу көп пландуу коомдук-пайдалуу жана маанилүү ишмердүүлүктө өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толук көрсөткөнгө мүмкүндүк берет;
- музыкалык образдар тууралуу ой толгоо, аларды кабылдоо, аңдоо жана субъективдүү таасирлерге трансформациялоонун, жекече реакцияларын, позицияларын жана

бааларын анализдөөнүн негизинде рефлексияга жана өзүн-өзү таанууга болгон жөндөмдөрүн өнүктүрөт;

- психологиялык тышкы жана ички мейкиндигинин кол тийгистигин сактоого мүмкүндүк берет, ал нерсе өз алдынча пикирлерди, бааларды жана ынанымдарды иштеп чыгууну болжолдойт.

Азыркы учурдун билим берүсүнүн максаты культурологиялык парадигманын контекстинде чечмеленет. Алсак, музыкалык билим берүүнүн актуалдуу максаты болуп, тээ XX кылымдын орто ченинде Д.Б. Кабалевский тарабынан белгиленген “мектеп окуучуларында алардын руханий маданияттын бир бөлүгү катары музыкалык маданиятты” тарбиялоо, искусство аркылуу жаш баланын бүткүл потенциалдуу тубаса мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүү эсептелет.

Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык, орто мектепте музыкалык искусствону окуп үйрөнүү музыкалык-чыгармачыл ишмердүүлүктүн жана орус жана чет элдик музыкалык маданиятынын көрүнүктүү чыгармаларынын жакын болуу тажрыйбасынын негизинде окуучуларга билимдердин системасын жана баалуулук ориентирлерди берүүгө; заманбап музыкалык-информациялык мейкиндикте ориентир ала билүү, массалык маданияттын позитивдүү жана негативдүү кубулуштарын жана таасирлерин айырмалай билүү, алган билимдерин өзүнүн музыкалык-чыгармачыл ишмердүүлүгүндө интеграция кыла билүү, өзүнүн бош убактысын маданияттуу пайдалана билүү; дүйнөнү эстетикалык кабылдоону, образдуу ой жүгүртүүнү өнүктүрүү; көркөм табитти тарбиялоо, жашоодогу жана искусстводогу ажайып коодук менен карым-катнашта болуу муктаждыгы, музыканын ар түрдүү формаларына кызыгуу; музыкалык искусство чөйрөсүндөгү эрудициянын белгилүү бир деңгээлин камсыздоо, өзүнүн индивидуалдуулугун жана жөндөмдөрүн көрсөтүү үчүн музыкалык-көркөм ишмердүүлүктүн түрлөрүн аң-сезимдүү түрдө тандоо; окуучуларды өзүн-өзүн өнүктүрүү жана өз турмушун аныктоо ж.у.с. билүүдөн ачык-айрым көрүнгөн окуучуларда дүйнөнү таанып-билүүнүн көркөм ыкмасын, угуучу жана аткаруучунун компетенттүүлүгүн калыптандырууга арналган, ушул мүдөөлөрдү көздөйт.

**Адабияттар**


1. Аверин, В.А. Психология детей и подростков [Текст]: учеб. пособие / В. А. Аверин. – 2-е изд. – СПб.: Изд. Михайлова, 1998. – 312 с.
2. Кон, И.С., Фельдштейн, Д.И. Отрочество как этап жизни и некоторые психолого-педагогические характеристики переходного возраста [Текст] / И.С. Кон, Д. И. Фельдштейн // В мире подростка под ред. А.А. Бодалева. – М., Медицина. 1982. – С. 16-28
3. Немов, Р.С. Психология [Текст]: учеб. для студ. высш. пед. учеб. завед.: в 3 кн. Кн. 2. Психология образования. 3-е изд. – М.: Гуманит. изд. центр ВЛАДОС, 1998. – 608 с.
4. Психология современного подростка [Текст] / Под ред. Д.Ш Фельдштейна. – М.: 1987. – 240 с.
5. Шаповаленко, И.В. Возрастная психология (Психология развития и возрастная психология) [Текст] / И.В. Шаповаленко – М.: Гардирики, 2005. – 349 с.

6. Нурбаев, А. С. Формирование духовной и музыкальной культуры современной личности / А. С. Нурбаев // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 1, № 3. – С. 311-317. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_311. – EDN BDMTDI.
7. Шарипова, Э. К. массовая музыкальная культура / Э. К. Шарипова, Д. А. Ыразаков, А. Асан Уулу // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 1, № 3. – С. 318-326. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_318. – EDN KYTIGZ.
8. Боронбаев, А. Ж. Значение музыкальной школы в развитии культуры Кыргызстана / А. Ж. Боронбаев, А. Д. Вдовкина // Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология. – 2024. – № 1(3). – С. 31-38. – DOI 10.52754/16948823_2024_1(3)_5. – EDN USJHEA.
9. Арапов, А. Р. Заманбап маданияттагы массалык музыканын ролу / А. Р. Арапов, Г. Т. Маматалиева // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2024. – No. 1(3). – P. 46-52. – DOI 10.52754/16948823_2024_1(3)_7. – EDN OVBGHA.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(4)/2024, 69-75

***КУЛЬТУРОЛОГИЯ***

**УДК: 78.01**
**DOI:** 10.52754/16948823_2024_2(4)_12

# “МУЗЫКАЛЫК МАДАНИЯТ” ТҮШҮНҮГҮНҮН МУЗЫКА ТААНУУДА ТАЛДАНЫШЫ

## АНАЛИЗ ПОНЯТИЯ “МУЗЫКАЛЬНАЯ КУЛЬТУРА” В МУЗЫКОЗНАНИИ

## ANALYSIS OF THE CONCEPT OF “MUSICAL CULTURE” IN MUSICOLOGY

**Апжапар уулу Бектур**
*Апжапар уулу Бектур*
*Apjapar uulu Bektur*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master’s student, Osh State University*

---

**Акматкулов Улан Улукбекович**
*Акматкулов Улан Улукбекович*
*Akmatkulov Ulan Ulukbekovich*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master’s student, Osh State University*

# “МУЗЫКАЛЫК МАДАНИЯТ” ТҮШҮНҮГҮНҮН МУЗЫКА ТААНУУДА ТАЛДАНЫШЫ

**Аннотация**

Макалада авторлор «маданият» түшүнүгүнө берилген илимий аныктамалардын ар түрдүү аспектилерин карашып, ошол түшүнүктүн маани-маңызына анализ жүргүзүшөт. Ошону менен бирге «көркөм маданият» түшүнүгүнө жана анын өзгөчө бир чакан системасы катары саналган «музыкалык маданият» категориясынын музыка таануудагы интерпретацияларына токтолушат.

***Ачкыч сөздөр:*** маданият, көркөм маданият, музыка таануу, музыкалык маданият

## *АНАЛИЗ ПОНЯТИЯ “МУЗЫКАЛЬНАЯ КУЛЬТУРА” В МУЗЫКОЗНАНИИ*

**Аннотация**

В статье авторы рассматривают различные аспекты научных определений понятия «культура» и анализируют смысл этого понятия. При этом они акцентируют внимание на понятии «художественная культура» и трактовках категории «музыкальная культура» в музыкознании, которая рассматривается как особая ее подсистема.

***Ключевые слова:*** культура, художественная культура, музыкознание, музыкальная культура

## *ANALYSIS OF THE CONCEPT OF “MUSICAL CULTURE” IN MUSICOLOGY*

**Abstract**

In the article, the authors consider various aspects of scientific definitions of the concept “culture” and analyze the meaning of this concept. At the same time, they focus on the concept of “artistic culture” and interpretations of the category “musical culture” in musicology, which is considered as a special subsystem of it.

***Keywords:*** culture, artistic culture, musicology, musical culture

Маданият ар дайым эл агартуу, балдар жана өспүрүмдөргө билим берүү, алардын руханий жана нравалык калыптануусуна, эстетикалык идеалдарынын жаралышына таасир этип келген. Маданияттын маани-мазмунун кийинки муундарга өткөрүп берүүнүн өзү билим берүүнүн маанилүү функциясы болуп саналат. Албетте, бул жерде сөз маданий нарк-дөөлөттөрдүн негизинде калыптанган мурунку муундун тажрыйбасын кайталап коюу жөнүндө гана болгону жок. Кеп, ошол тажрыйбаны толуктоо жана тереңдетүү тууралуу болуп жатат.

Д. С. Лихачевдун концепциясына ылайык, маданият инсандын чыгармачыл дарамети менен байланышкан органикалык бүтүн кубулуш болуп саналат. Ал өзүнүн «Экология культуры» деген макаласында: «для жизни человека важна среда, созданная культурой его предков, ... культурная среда ... необходима для его духовной, нравственной жизни, длящего «духовной оседлости», для его привязанности к родным местам, для его нравственной самодисциплины и социальности» - деп адилет белгилеген.

Бизди курчап турган дүйнө – бул маданият дүйнөсү. Маданият сыяктуу аябай сыйымдуу жана татаал түшүнүккө так, бир жактуу аныктама берүү абдан кыйын. Ошондуктан көптөгөн изилдөөчүлөр маданиятка аныктама берүүдө бир нече подход бар экенин белгилешет:

- Маданият – бул адамзаттын бардык материалдык жана рухий баалуулуктарынын жыйындысы;
- Маданият – көп кырдуу, татаал, тарыхый өнүгүп туруучу коомдук кубулуш, дүйнөнү өздөштүрүү, материалдык жана рухий ишмердүүлүк чөйрөсүндө адамдын чыгармачыл дараметин ишке ашыруунун ыкмасы;
- Маданият – бул адамдар жашаган «асылдандырылган» чөйрө (Демокрит маданиятты «экинчи натура», б.а. экинчи жаратылыш деп эсептеген), ал чөйрө адамдарга гана таандык иш аракет ыкмасы жана ошол иш аракеттин жардамы аркылуу пайда болгон натыйжалардан түзүлөт.
- Маданият – бул адамдын курчап турган чөйрөнү жакшы тарапка өзгөртүүгө, «асылдандырууга» жөндөмдүү болгон күчү. Философияны жан дүйнөнү асылдандыруу катары карап, латынча «культура» терминин Цицерон дал ушундай контекстте колдонгон («philosophia cultura animi est»).

Азыркы учурдагы гуманисттик билим берүү парадигмасы маданияттуу адамды өстүрүүгө багытталган, ошондуктан инсандын маданиятынын ар түрдүү аспектилерин калыптандыруунун теория жана практика маселелери өзгөчө актуалдуу жана маанилүү болуп жатат. Билим берүүнүн мааниси жана максаты «билимдүү адамдан» «маданияттуу адамга» карай өзгөрүп жатат. В.И. Андреев, «маданияттын элементтери билим берүүнүн жаңыланган мазмунунун ядросун түзүшү керек жана балдарда ишмердүүлүк маданиятын, ой жүгүртүү маданиятын, карым-катнаш маданиятын, эстетика-көркөм маданиятын, психологиялык маданиятын ж.б. маданияттарды өнүктүрүшү зарыл» - деп тактоо киргизет [2, 32].

«Маданият» түшүнүгүнүн жогоруда каралган маани-мазмуну, ошол авторлор маданиятты тарыхый жактан өзгөрүп турган, татаал жана көп кырдуу кубулуш, дүйнөнү өздөштүрүүнүн ыкмасы, коомдук мааниси бар баалуулуктарды түзүү, адамдын чыгармачыл дараметинин материалдык жана рухий ишмердүүлүк чөйрөсүндө жүзөгө ашуусу катары түшүнүшөт деп жыйынтык чыгарганга мүмкүндүк берди. Бул предметтердин жана

баалуулуктардын жөн гана суммасы эмес, ал адамдын жөндөмдөрү менен табият тартуулаган шыктарынын ачылып көрүнүш процесси [10; 11].

Ар түрдүү илимий булактарда изилдөөчүлөр адамдын ишмердүүлүк типтериндеги айырмачылыктарга, анын ички мүнөздөмөлөрүнө ж.б. таянып маданиятты материалдык жана рухий маданият деп бөлүп жүрүшөт. Материалдык жана рухий маданият органикалык жуурулушкан чөйрө болуп көркөм маданият саналат.

М.С. Каган, көркөм маданияттын жалпы эле маданияттагы ордун аныктап, ишмердүүлүктөн материалдык, рухий жана көркөм формаларынын ортосундагы олуттуу айырмачылыктарды баса белгилеген. Бул автор көркөм маданияттын башкы функцияларын төмөнкүлөрдөн көрөт:

- Көркөм баалуулуктарды сактоону камсыздоо;
- Ошол баалуулуктарды муундан муунга өткөрүп берүү, анткени, социалдык турмуштун тарыхый өзгөргүчтүгү актуалдаштырууну, ар бир жаңы доордун рухий турмушуна аралашуусун талап кылат;
- Искусствону коомдук турмушта, маданияттын башка тармактарындагы болуп жаткан өзгөрүүлөргө, искусствонун өзүнүн өнүгүүсүнүн логикасына ылайык такай жаңылап турууну камсыздоо [9, 31-33].
- «Көркөм маданият» түшүнүгү дагы көп өлчөмдүү жана ар түрдүү болуп саналат. «Көркөм маданият» түшүнүгүнүн маани-маңызын карап көрөлү жана алардын ичинен бир кыйла маңыздууларын бөлүп көрсөтөлү:
- Бул «тиешелүү коом тарабынан түзүлгөн көркөм баалуулуктардын тобу, о.э. ошол баалуулуктарды жаратуу, таркатуу жана аларды коом жана анын ар бир адамынын кабылдоо процесси» (Ю.А. Лукин) [9, 22];
- «көркөм чыгармаларды сактоо, таркатуу, кабылдоо, баалоо, окуп үйрөнүү» (А.И. Кравченко) [5, 620];
- «искусствону түшүнүү, андан ырахат алуу маданияты, түбү келип бул эстетикалык тарбия берүү маданияты» (В.В. Журавлев) [5, 24];
- «коомдун көркөм ишмердүүлүк процесси, анын натыйжалары, бүткүл коомдук көркөм коммуникация, коомдун көркөм ишмердүүлүгү менен байланышкан адамдардын көп түрдүү карым-катнаштары» (Л.Н. Коган) [4, 9].

Көркөм маданияттын өзгөчө бир чакан системасы катары музыкалык маданиятты эсептешет. Алсак, А.Н. Сохор, көркөм маданияттын айрым тармактарын искусствонун түрлөрүнө ылайыктап чакан система катары бөлүүгө мүмкүн экенин белгилеп, музыкалык маданиятты бир кыйла жогорку деңгээлдеги системаларга: коомдун көркөм маданиятына, анын рухий маданиятына, жалпы эле маданиятка карата чакан система катары карайт [8].

Музыкалык маданиятты өзгөчө феномен катары ар түрдүү изилдөөчүлөр изилдешкен (Б.В. Асафьев, В.В. Медушевский, Е.В. Назайкинский, А.Н. Сохор, Б.М. Теплов, Ю.Н. Холопов, В.А. Цуккерман ж.б.). Аты аталган илимпоздордун эмгектери музыкалык маданияттын маани-маңызын жана анын айрым тараптарынын спецификасын аныктаганга мүмкүнчүлүк берди. Бирок, ушул авторлордун өзү бүгүнкү күнгө чейин бул татаал жана көп кырдуу феномендин так, бардыгын өзүнө камтыган аныктамасы жок экенин белгилеп жүрүшөт.

«Музыкалык маданият» феноменине болгон кызыгуу изилдөөчүлөрдү анын көптөгөн аспектилерин изилдегенге шыктандырды. Ошентип музыкалык маданият философиянын, тарыхтын, музыкалык искусствонун жалпы теориясы жана методологиясынын, музыкалык педагогиканын, психология жана эстетиканын, социологиянын, культурологиянын, музыкалык фольклордун ж.б. алкагында активдүү изилдене баштаган.

Маданият «жоктон бар болбойт». Ал адам ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жаралган жана жаралып жатат. Ошондуктан музыкалык маданият сындуу көп кырдуу жана татаал феноменди изидөөдө өзгөчө орунду ишмердүүлүк подходу ээлеген жана азыр дагы ээлеп келе жатат. Анткени, бул подход маданиятка адам ишмердүүлүгүнүн формаларынын, ыкмаларынын, каражаттары менен натыйжаларынын жыйындысы катары аныктама берет.

Демек, ишмердүүлүк подходу маданияттын субъектисине басым жасап көңүл буруу менен музыкалык маданиятты адам ишмердүүлүгүнүн ыкмаларынын жыйындысы катары чечмелейт.

Ишмердүүлүк подходу музыкалык педагогика боюнча жазылган эмгектердеги музыкалык маданиятты чечмелөөдө колдонулат. Атап айтсак, Ю.Б. Алиев музыкалык тарбияны «музыкалык ишмердүүлүктүн коомдук-тарыхый тажрыйбасын жаңы муунга өткөрүп берүү процесси...» катары чечмелеген [1]. Ал эми Л.В. Школяр, мектеп окуучуларынын музыкалык маданиятын мүнөздөп жатып «жаш баланын, мектеп окуучусунун жаратуучу катары, сүрөткер катары калыптанышы фундаменталдык жөндөмдөрдү – уга билүү өнөрүн, көрө билүү өнөрүн, сезе билүү өнөрүн, ойлоно билүү өнөрүн өнүктүрбөй туруп мүмкүн эмес...» деп өзгөччө баса белгилейт [9; 12], ошондой эле негизги принцип катары искусствону иш-аракеттин жардамы менен өздөштүрүүнү сунуштайт.

Л.Н. Коган менен Ю.Р. Вишневский, адамдын ар кандай эле ишмердүүлүгү маданиятты өнүктүрө жана байыта бербей турганын баса көрсөтүшүп, ошол ишмердүүлүктүн натыйжасында адамдын өзүн өнүктүргөн жана өзгөрткөн материалдык жана рухий маданияттын жаңы үлгүлөрү менен баалуулуктары жаралган ишмердүүлүктү гана маданият деп аташ керек деп баса көрсөтүшкөн [3].

Музыкалык маданиятка берилген аныктамаларда авторлор көбүнчөсү жеке субъекттин музыкалык маданиятына токтолушуп, анын ошол адамдын «искусствону түшүнүү жана андан ырахат алуу» жөндөмүндөгү көрүнүшү катары баалашат (Л.А. Рапацкая) [7, 41]. Маданият түшүнүгүнө айрым авторлор (Э.А. Баллер, Л.В. Залеская, Н.С. Злобин, Л.И. Казакова, Л.Н. Коган, Ю.Р. Вишневский ж.б.) адамдардын активдүү чыгармачыл ишмердүүлүгүн, субъект тарабынан көркөм баалуулуктарды, анын ичинде музыкалык искусствону жаратуу, кабылдоо жана өздөштүрүү процессин кошушат.

Ошентип, музыкалык маданият эки тараптан каралышы керек – коомдун маданияты катары жана инсандын маданияты катары. Маданий тажрыйбаны өздөштүрүү процессинде өткөн учур менен азыркы учурдун маданиятын тек гана информациялык өздөштүрүү эмес, адамзаттын көркөм тажрыйбасын жекече рухий-баалуулук катары, жекече көркөм ишмердүүлүк же жекече көркөм продукт катары өзгөртүү да ишке ашат. Ошондуктан изилдөөчүлөр музыкалык маданиятты эки позициядан карашкан: коомдун маданияты менен инсандын маданиятынан.

Музыкалык маданият инсандык подходко ылайык субъектинин жеке өзүн мүнөздөгөн сапаттардын жана жөндөмдөрдүн жыйындысы катары саналат: тарбия аркылуу калыптанган кызыкчылык, музыкалык табит, музыканын теориясы жана тарыхы, эстетика жана башка илимдер боюнча билимдерди кеңейтүү, көркөм ишмердүүлүктүн ыкмалары жана чеберчилигине ээ болуу.

Тарыхый планда музыкалык маданиятты төмөнкүчө кароо мүмкүн:

- Доордун чагылышы катары;
- Тиешелүү шарттарда, дүйнөлүк цивилизациянын, тиешелүү региондун (өлкөнүн) социомаданий өнүгүүсүнүн контекстинде пайда болгон адам ишмердүүлүгүнүн натыйжасы катары;
- Анын өнүгүүсүнүн мезгилдерге бөлүнүшү жана негизги тенденциялары катары.

Гришанович Н.Н. инсандын музыкалык маданиятына төмөнкүчө аныктама берет:

- Адамзаттын музыкалык маданиятына болгон кызыгууну тарбиялоону талап кылган баалуулук катары мамиле жасоо маданияты катары; дүйнөлүк мааниге ээ музыкалык нарк-дөөлөттөрдү өздөштүрүү жана өзүнүн жекече көркөм тажрыйбасын байытууга активдүү аракет кылуу катары; билим берүү процессинде инсандын музыкалык-чыгармачыл базалык жөндөмдөрүн системалуу өнүктүрүүнү талап кылган музыкалык тажрыйбанын мүнөздөмөсү саналган көркөм кабылдоонун маданияты катары;
- Музыкалык ой жүгүртүү маданияты катары, б.а. музыкалык искусствонун руханий, нравалык-эстетикалык, идеялык-эмоционалдык жана турмуштук маани-мазмунун таануу жөндөмү катары; музыкалык искусствонун тилин түшүнүү жана ошол тилде карым-катнаш түзө билүүнү, өнүккөн музыкалык аң-сезим катары [4].

Музыкалык педагогикада музыкалык маданият максаттуу, билим берүү процессинде калыптануучу, сулуулуктун эталону катары саналган баалуу музыкалык искусство дүйнөсүн адамдын кабылдоо, өздөштүрүү жана түзүүгө болгон муктаждыгы жана жөндөмү, инсандын музыкада камтылган жалпы адамзаттык баалуулуктарды жана идеалдарды өздөштүрүү даражасы катары аныкталат.

Жогоруда айтылгандарды жалпылап атсак, музыкалык маданият адамдардын музыкалык практикасынын бүткүл чөйрөсүн өзүнө камтыйт. Ал музыкалык искусство жаатындагы рухий баалуулуктардын көп түрдүү көрүнүштөрүнүн негизинде дүйнөнү өздөштүрүү, таануунун ыкмасы болуп саналат. Мындан тышкары, музыкалык маданият адамдын спецификалык маданий-жаратмандык ишмердүүлүгүнүн натыйжасы дагы болуп эсептелет.

Жогоруда айтылган пикирге таянып, инсандан тышкары коомдун музыкалык маданияты болбойт, о.э. адамдын чыгармачыл дараметин жана ориентациясын калыптандырбай туруп коомдун маданий-жаратмандык ишмердүүлүгү өз маанисин жоготот деп айтууга болот.

Ошентип, музыкалык маданиятты жаңы информациялык мазмундун калыптануу процесси, адамдын музыкалык искусство чөйрөсүндөгү компетенттүүлүгүнүн туруктуу өнүгүү процесси, конкреттүү социумдун жана жалпы эле цивилизациянын интеллектуалдык жана руханий «казынасын» топтоо процесси катары эсептесек болот.

**Адабияттар**


1. Алиев, Ю.Б. Музыкальное воспитание [Текст] / Ю.Б. Алиев // Музыкальная энциклопедия / гл. ред. Ю.В. Келдыш: в 3 т. - М.,1976. Т. 3. – 755 с.
2. Вавилин, Е.А., Фофанов, В.П. Исторический материализм и категория культуры. Теоретико-методологический аспект [Текст] / Е.А. Вавилин, В.П. Фофанов. – Новосибирск: Наука, 1983. – 198 с.
3. Журавлев, В.В. Мир художественной культуры: философские очерки [Текст] / В.В. Журавлев. – М.: Мысль, 1987. – 237 с.
4. Коган, Л.Н. Художественная культура и художественное воспитание [Текст] / Л.Н. Коган. – М.: «Знание», 1979. – 64 с.
5. Кравченко, А.И. Культурология. Словарь [Текст] / А.И. Кравченко. - М.: Академический проект, 2000. – 671 с.
6. Лихачев, Д.С. Экология культуры [Текст] / Д.С. Лихачев // «Памятники Отечества». 1980. №2. [Электронный ресурс]. Режим доступа http://svitk.ru/004 book book/16b/3564 lihahev-ekologiya kulturi.php [дата обращения 06.07.2017]
7. Рапацкая, Л.А. Формирование художественной культуры учителя музыки [Текст] / Л.А. Рапацкая. – М. 1991. – 137 с.
8. Сохор, А.Н. Социология и музыкальная культура [Текст] / А.Н. Сохор. – М.: Сов. композитор, 1975. – 202 с.
9. Школяр, Л.В., Красильникова, М.С., Критская Е.Д. и др. Изучение музыкальной культуры младших школьников // Теория и методика муз образования детей / Л.В, Школяр, М.С. Красильникова, Е.Д. Критская и др. – М., 1998. – 290 с.
10. Нурбаев, А. С. Формирование духовной и музыкальной культуры современной личности / А. С. Нурбаев // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 1, № 3. – С. 311-317. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_311. – EDN BDMTDI.
11. Шарипова, Э. К. массовая музыкальная культура / Э. К. Шарипова, Д. А. Ыразаков, А. Асан Уулу // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 1, № 3. – С. 318-326. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_318. – EDN KYTIGZ.
12. Арапов, А. Р. Заманбап маданияттагы массалык музыканын ролу / А. Р. Арапов, Г. Т. Маматалиева // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2024. – No. 1(3). – P. 46-52. – DOI 10.52754/16948823_2024_1(3)_7. – EDN OVBGHA.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(4)/2024, 76-81

***КУЛЬТУРОЛОГИЯ***

**УДК: 78.072.2**
**DOI:** 10.52754/16948823_2024_2(4)_13

# КЫРГЫЗДЫН САЛТТУУ МАДАНИЯТЫНДАГЫ КОМУЗДУН ОРДУ

МЕСТО КОМУЗА В ТРАДИЦИОННОЙ КУЛЬТУРЕ КЫРГЫЗОВ

THE PLACE OF KOMUZ IN THE TRADITIONAL CULTURE OF THE KYRGYZ PEOPLE

**Боронбаев Ажимамат Жусупович**
*Боронбаев Ажимамат Жусупович*
*Boronbaev Ajimamat Zhusupovich*

**филос.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.филос.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Dr., Osh State University*

**Нуралбек Токтоназар уулу**
*Нуралбек Токтоназар уулу*
*Nuralbek Toktonazar uulu*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master’s student, Osh State University*

# КЫРГЫЗДЫН САЛТТУУ МАДАНИЯТЫНДАГЫ КОМУЗДУН ОРДУ

**Аннотация**

Бул макалада кыргыз улуттук-профессионалдык маданиятындагы жаңыдан калыптанган комуздун орду жана улуттук музыкадагы улуттук оркестрдин жаралуу тарыхына мифологиялык жана философиялык ойлорду жеткирүүгө аракет жасалды. Ошол эле учурда кыргыз маданиятындагы комуздун жаралуу тарыхы, мифологиясы миң жылдык тарыхты карманып келүүсү баяндалат. Ал аркылуу элдердин каада салты, үрп-адаты учук улуап элдердин жашоосунун ыргагын коодоп, барлыгын аздектеп көмөктөш-тектеш болуп келген. Кыргыздар комузун кайсыл улуттун той-тамашасына барбасын өзү менен кошо көтөрүп жүргөн. Комуз - кыргыз улуттук кылассикалык музыка аспаптарынын бири. Бул улуттук аспаптын жоктон бар болуп, барлыкка келиши, жаралышы жөнүндө, ар түрдүү уламыш, болмуш, жомоктор оздон-оозго өтүп айтылып келет. Комуздун табылышы жөнүндө бабалардан-балдарга, байыркылардан-кийинкилерге, укумдан-тукумга ооз эки айтылып келе жаткан бул ата мурас жаңы тил илиминде фольклордук-салттык маданият багытында өнүгүү түшүнүгүнө ээ болууда. Демек, бул илимий-чыгармачылык багытта улуттук музыкалык аспаптар көптөгөн изилдөөлөргө муктаж. Сан эсепсиз улуттук санжырабыз, музыкалык аспаптарыбыз жөнүндө айтыла турган кептер фольклордук-салттык иликтөөлөрдүн өбөлгөсү болмокчу.

***Ачкыч сөздөр:*** салт, музыка, мурас, мифология, фольклор, комуз, кыяк, сыбызгы

## *МЕСТО КОМУЗА В ТРАДИЦИОННОЙ КУЛЬТУРЕ КЫРГЫЗОВ*

**Аннотация**

В данной статье предпринята попытка передать мифологические и философские размышления о месте новообразованного комуза в кыргызской национально-профессиональной культуре и истории создания национального оркестра в национальной музыке. Одновременно описывается история и мифология создания комуза в кыргызской культуре, имеющая тысячелетнюю историю. Благодаря ему традиции и обычаи народов росли, украшая ритм жизни людей, помогая почтить их существование. Благодаря ему родились традиции и обычаи народов. Кыргызы носили с собой кум всякий раз, когда отправлялись на вечеринку любой национальности. Комуз – один из кыргызских национальных традиционных музыкальных инструментов. О существовании, появлении и создании этого национального инструмента из уст в уста передавались различные легенды, истории и сказания. Об открытии Комуза, о котором рассказывается от предков детям, от древних к позднейшим, из поколения в поколение, это родовое наследие обретает концепцию развития в направлении фольклора и традиционной культуры в новом языкознании. Кыргызы носили с собой куум всякий раз, когда отправлялись на вечеринку любой национальности. Комуз – один из кыргызских национальных традиционных музыкальных инструментов. О создании этого национального инструмента из уст в уста передаются различные легенды, истории и сказания. Открытие Комужа – это наследие, которое передается от предков детям, от древних к следующим, из поколения в поколение. Поэтому в этом научно-творческом направлении национальные музыкальные инструменты нуждаются

## *THE PLACE OF KOMUZ IN THE TRADITIONAL CULTURE OF THE KYRGYZ PEOPLE*

**Abstract**

In this article, an attempt was made to convey mythological and philosophical thoughts on the place of the newly formed komuz in Kyrgyz national-professional culture and the history of the creation of the national orchestra in national music. At the same time, the history and mythology of the creation of komuz in the Kyrgyz culture, which follows a thousand-year history, is described. Through it, the traditions and customs of the peoples have been growing, beautifying the rhythm of people's lives, and helping to honor their existence. The Kyrgyz people used to carry their koum with them whenever they went to a party of any nationality. Komuz is one of the Kyrgyz national traditional musical instruments. Various legends, stories, and tales have been told from mouth to mouth about the existence, emergence, and creation of this national instrument. About the discovery of Komuzh, which is being told from ancestors to children, from the ancients to the next, from generation to generation, this ancestral heritage is gaining the concept of development in the direction of folklore and traditional culture in the new linguistics. Therefore, in this scientific and creative direction, national musical instruments need a lot of research. Countless stories about our national genealogy and musical instruments will be the basis for folklore and traditional research.

во многих исследованиях. Бесчисленные истории о нашей национальной генеалогии и музыкальных инструментах станут основой фольклорных и традиционных исследований.

***Ключевые слова:*** традиции, музыка, наследие, мифология, фольклор, комуз, кыяк (байдарка), сыбызгы

***Keywords:*** traditions, music, heritage, mythology, folklore, komuz, kayak, sybyzgy

Ак карлуу тоону аралап, ак мөңгүү сууну жакалап, «атам-тоо, энем-суу» дешип төрт мезгил менен айкалышып, жашап келген көчмөн кыргыз эли байыртан ырга ыктуу, тамашага шыктуу болуп манасын айтып, кол ойнотуп комузун чертип, обонун созуп, кең талаа менен Ала-Тоосун бир кылып ырдап келишкен. Өз жашоо тарыхында, кыргыз улутунун руху маданиятына төп келип, доордон-доорго учук улап бар өнөрүн сактоо, өткөрүп берүү жолунда «бир жакадан баш, бир жеңден кол» чыгарган сыягында «өнөр-талантын» улуттун мурасы катары аянбай кошуп келгени чын. Андай жөрөлгөлөрдүн төр башында ата мурас үч кылдуу комуз аспабы. Байыркы ата-бабаларыбыз баскан жолун, көргөн турмушун үн аркылуу берип келе жаткан учурдагы фольклордук-салттык түшүнүктөрдүн башаты катары кабылданат. Комузсуз кыргыз элинин тарыхын, маданиятын элестетүү кыйын. Комуз башка элдердин кылдуу аспаптарынан өзгөчөлөнүп, жөнөкөй көрүнгөнү менен колдонууда канчалаган сырлары бар: кулагынын ондон ашык түргө күүлөнүшү, кол ойнотуу ыкмалары, шилтем ыкмаларынын ар түрдүүлүгү менен айрымаланат [4; 5].

Дүйнө элинде көлөмү боюнча эң чоң деп эсептелген *«Манас»* эпосу муундан-муунга, оздон-оозго өтүп кылымдарды карытып сакталып келсе, кыргыз коомчулугунда комуз күүсү да ага тектеш, үзөңгүлөш. Комуздун Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-түрк” эмгегинде кездешкенин көрүүгө болот: “Диван Лугат” сөздүгүндө “кубуз” сөзү “удга окшош, кылдуу музыкалык аспап” дегенди билдирет” [7/8]. Ага үзөңгүлөш дегенибиздин себебин манас жана манасчылар жөнүндө изилдөө жүргүзгөн Наталия Кащук «Алтындын эң жогорку пробасы» аттуу макаласында «…Саякбай, один, разыгрывает целое действо народный драмы. Мы становимся зрителями своеобразного театра – театра одного актера, исполнитель которого - манасчи»,-деп айтканы буга мисал [1/5]. Ал эми, комуздун коштоосундагы *күү баяны* да муундан-муунга кагаз бетине түшүрүлбөстөн эске тутуу, угуу сезимдери менен элибиздин көөдөнүн толтуруп келет. Феодр Шаляпин орустун биринчи оркестр түзүүчүсү Василий Андреевге «Ты пригрел у своего доброго, теплого сердца сиротку-балалайку. От твоей заботы, любви она выросла в чудесную русскую красавицу, покорившую своей красотой весь мир»,-деп мактоо сөзүн арнаган эле [1/58].

Комузду колго алып, эл аралап, атак-даңкка жеткен залкар таланттар, күү чеберлери, жаш муундарга эстетикалык тарбия берүүдө кызматы төө көтөргүс. Түшүнгөн адамга, комуз күүсү болобу же обондуу ырларыбы таасири абдан чоң. Комузду жандап, күү чертип үйрөнө баштаган учурунда адам аң-сезими, көөдөнү, ички туйгуусу ар тараптуу гармоникалык кабылдоого душар болот. Инсан дүйнө таанымы кыял аркылуу кеңейип, шыктантып, жаратылышка, айлана-чөйрөгө болгон мамилеси тунук, тазалыкты издей баштайт. Өнөр адамынын дүйнө таанымы бир канча кеңейип, комуздун жаралуу тарыхына, мифологиясына, мураскорлугуна илимий-чыгармачылык изденүүсүнө шык алуусу аргасыздан өзгөрөт. Анткени, комуз кармаган адам аны ойноо менен эле чектелбестен, комуздун жаралуу тарыхын, үч кылдуу үнү, добушунун мифологиясын кыргыздын жаралуу тарыхына кошуп, кылымдардан бери жашап келе жаткан өтмүшүнө кабылгансып, аны кайрадан чубап, жаңыртууга бел байлаганын айткысы келет. Арийне, комуз - элдеги эң көрүнүктүү жана авазы мукамдуу музыкалык аспап. Анын үнү ар бир кыргыздын жашаган жеринде, конгон жайлоосунда жаңырып тураары факт. Уккулуктуулугу кээде өтө жагымдуу, кээде муңга толгон маани-маңызы, руханий байлыгы менен жанрдык, тематикалык жана ритмдик өзгөчөлүгүүн сактап, уккан-көргөндү өзүнө тартат, кызыктырат. Комуздун көөдөнүнөн жаралган кереметтүү обон-күүлөр илимий-чыгармачылык багытынтагы изилдөөчүгө да абдан кызыктуу. Орус илимпоздорурун бири Владимир Александров «Өрүк комуз» аттуу макаласында «В лесу выросло, из лесу вынесли, на руках плачет, а на полу скачет». О таком инструменте мечтал народ. В России им стала балалайка. В Киргизии – комуз, - эң сонун салыштырууну айткан [1:58]. Комуздун чертилиш ыгы, кол ойнотуп аткаруу ылдамдыгы боюнча да өзгөчөлөнөт. Алсак, сол колдун жайгашуусуна жана

аспаптын толгонушуна карап, оң колдун кисти кыймылын эркин кармоо аракети менен комуз кылдарынан так карманып, үндүн даана тапталышын бир максатка, бир ойноо ыгына багынтуу эрежесине ээ.

Обондуу ыр-күүлөр, айтым күүлөр жана залкар күүлөр деп үч негизги топко бөлүнөт. Обондуу ыр-күүлөрдүн негизи – аталышы айтып тургандай эле элдик ырлар, күүлөр, обондордун топтомунан түзүлөт. Аларды өздөрүнүн көлөмү, формасы жана ойноо ыкмалары боюнча оңой эле ажыратып кароого болот. Бул күүлөрдү комуз ойноо өнөрүн кичине өздөштүрүүгө киришкен окуучуларга пайдаланса жеткиликтүү ыкма сыпатында тез, оңой кабылданат.

Комузду кыргыз эли улуттук "бренд", керектүү аспап катарында кадырлап, сыйлап, барктап келген. Байыркылар өз доорунда комузду ар бир үйдүн төрүнө туш кийиздин бетине илип коюушчу экен. Ал эми колунда бар, байлар болсо алты канат боз үйдүн ички жабдылышын ар кандай арнамент менен боёп, безелентип, туш кийиздер, кара кийиз, чий, карышкырдын, жолборустун, түлкүнүн, суусардын терилерин илүү менен бир катарда кылыч, найза, калкан жабдыктарын жайгаштырып комузду эң жогорку жерине илип коюшкан. Айтымдарда комуз чүпрөк-мата менен оролуп, жылуу калмалган. "Той тамашага барганда Токтогул койнунан комузун алып эл алдында ырын ырдап калчуу", деп айтылганы бекеринен эмес. Комузду ушул күндө да маданият-чыгармачылык менен алектенген инсандар, колунда бар адамдар үйдүн көркү, "орнамент", "логотип" сыяктуу пайдаланып келет. Чындыгында ошондой, комузсуз үйдөгү той-тамаша көркүнө келчү эмес, мына ушул себептен комуз барктуу орнамент болгон [8].

Комуз коңур үнү, мукамдуу назик добушу менен элге жаккан. Анын нечен кылымдарды карытып, көптү көрүп, көп жашоосун, өмүрүн элден алып келгендиги кылдарынын боздоп, сайрашында, комуздун үнү аркалуу кыргыз улутунун тарыхындагы оош-кыйыштары байкалат. Мүмкүн, ошол себептен да улуттук аспап катары сакталып ар бир күүлөрүндө мифологияны, доордун үнүн сакталып келе жаткандыр.

Мифология улуттук башат катары руханий дөөлөттөрдүн изин даңазалоочу күч, таянч катары каралат. Өтүмүштүн жаралышына себеп катары да мифти кармансак болот. Анын руханий куралдары катары дин, эпос, жамак, жомок жана тамсилдер кызмат кылат. Алсак, "Манас" эпосун философиялык, филологиялык, педагогикалык, мифологиялык, ж.б. багыттары, андагы эпизоддор, болмуш жөнүндөгү үзүндүлөр, эпостук каармандардын эрдиги, кайгылары, жеңиштери, акылмануулугу, осуяты сыяктуу түгөнгүс байлыктар бар экендиги билим берүү системасында кеңири баяндалып келүүдө. Кыргыздын бактысына жаралган эпостун жазма маданиятка айланышы улуттун дагы бир "ыйык" китебинин жаралышына түрткү болду. Бул китептин өзөгүндөгү "Манастын баатырдык сапаты", "Каныкейдин арманы", "Манастын түшү", "Манастын кырк чоросу", "Алманбеттин арманы" жана башка түгөнгүс ырым-жырым жана каада салтка байланышкан уламыштар жана той аземдердин деми комуздун, домранын коштоосунда болгондугунда. Манас эпосун жазма маданиятта даңазалаган көлөмдүү китептерибиз да комуз сыяктуу китеп сүйүүчүлөрдүн китеп текчесинин эң үстүнкү секичесинен орун алган.

Жыйынтыктап айтканда, түрк элдердин ичинен кыргыз эли Манас менен комузду, дин менен мифологияны жаралуудагы өзүнө таандык багыттагы "бренд" катары даңазалап, зоболосу бийик руханий байлыгы сыпатында карманышып келет. Демек, бул руху күчтүү комуздун күүлөрү, Манас эпосундагы эпизоддор, сыйынган диний ишенимдер ар дайым бийик жана таза жерде туруусу абзел. Ал аркылуу элибизде маданияттын баркы бара-бара жайылып, калктын тарыхын сактап келген ата мурас аспап-эмеректери материалдык эмес (бейзаттык) маданий мурастар тизмесине кирип, канчалаган чебер

комузчу, манасчылар тарых барагында аттын кашкасындай таанымал болуп, эл ичинде сакталып келүүдө.

**Пайдаланылган адабияттар**

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. Фрунзе, Кыргызстан, 1990.
2. Антипина К.И. Народное искусство киргизов. Вып.1,2. Фрунзе, 1970, 1977.
3. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. Ф., 1962.
4. The history of the songs and melodies of the komuz after T. Satylganov // Bulletin of Osh State University. – 2019. – No. 2. – P. 45-53. – EDN TRQMRU.
5. Дуйшоева, Б. С. Комуз аткаруучулук өнөрүнүн мүнөздүү белгилери / Б. С. Дуйшоева // Вестник Ошского государственного университета. – 2020. – No. 2-4. – P. 32-40. – EDN XQEELJ.
6. Жоробекова Э.,Токтосунова А.И., Токтосунова Г.И. Наследие кыргызов в контексте культурного разнообразия или Горный оазис на Великом шелковом пути. Б.,2008
7. Абдимиталип Уулу, Н. “Диван Лугат ат-түрктө” кездешкен музыкалык терминдер / Н. Абдимиталип Уулу, Ш. Ж. Жапаралиев // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология. – 2023. – No. 1(1). – P. 1-11. – DOI 10.52754/16948874_2023_1(1)_1. – EDN BYYETN.
8. Боронбаев, А. Ж. Фольклор - улуттук өнөрдүн күзгүсү / А. Ж. Боронбаев, А. И. Калыбеков // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2023. – No. 2(2). – P. 28-33. – DOI 10.52754/16948823_2023_2(2)_5. – EDN VEOBSG.
9. Искусство в Кыргызстане. Б.,АУБ, 2009.
10. Искусство кочевников. Б., Раритет, 2008.
11. Массон В.М. Древний Кыргызстан: процессы культурогенеза и культурное наследие. Б., 2003.